**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

# БАШТАЛГЫЧ ЖАНА ОРТО КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМДАРЫН ЖАНА ПРОГРАММАЛАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО БОЮНЧА КОЛДОНМО

**Бишкек, 2018**

Авторлор: Кожобеков К.Г., Акулова Б.Т., Таштобаева Б.Э., Дуйшебаева Г.Р., Хамзина С.А.

Башталгыч жана орто кесиптик билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоо боюнча колдонмо / Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги: Авторлор: К.Г. Кожобеков, Б.Т. Акулова, Б.Э. Таштобаева, Г.Р. Дуйшебаева, С.А. Хамзина. – Бишкек: Басма., 2018. – 164 б.

Бул колдонмо ыйгарым укуктуу орган тарабынан башталгыч жана орто кесиптик билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоонун тартибин камтыйт. Алардын өзүн-өзү баалоосун/тышкы баалоосун уюштуруу жана өткөрүү эрежелери берилди. Колдонмо аккредитациялоо процессинин катышуучуларына: билим берүү уюмдарынын жетекчилерине, эксперттерге, ыйгарым укуктуу органдын кызматкерлерине жана башка кызыкдар тараптарга арналат.

Колдонмо Азия өнүктүрүү банкынын “Секторду өнүктүрүү программасы: Инклюзивдик өстүрүү үчүн көндүмдөр" программасынын каржылык колдоосу менен басып чыгарылды.

# МАЗМУНУ


Глоссарий------------------------------------------------------------------------ 5
1. Киришүү ------------------------------------------------------------------------ 8
2. Аккредитация өткөрүүнүн этаптары ------------------------------------------ 10
3. I глава. Аккредитацияланууучу билим берүү уюмунун өзүн-өзү баалоосун өткөрүү ------------------------------------------------------------- 11
1. Өзүн-өзү баалоону өткөрүү боюнча комиссиянын иштөө тартиби тууралуу типтүү жобо ----------------------------------------------------------- 11
1.1. Жалпы жоболор ------------------------------------------------------------ 11
1.2. Өзүн-өзү баалоону өткөрүү боюнча комиссиянын ишин пландоо жана даярдоо ------------------------------------------------------------------ 11
1.3. Өзүн-өзү баалоонун мазмуну --------------------------------------------- 12
1.4. Жыйынтыктарды жалпылоо жана отчетту түзүү -------------------- 16
1.5. Отчетко коюлган жалпы талаптар ---------------------------------------- 16
4. II глава. Ыйгарым укуктуу органга аккредитация өтүү үчүн тапшырылуучу документтер ------------------------------------------------ 18
5. III глава. Ыйгарым укуктуу орган тарабынан тышкы баалоо жүргүзүү- 19
3.1. Документтерди каттоо жана текшерүү ---------------------------------- 19
3.2. Тышкы баалоо жүргүзүү боюнча комиссия түзүү -------------------- 19
3.3. Тышкы баалоо жүргүзүү ---------------------------------------------------- 20
3.4. Тышкы баалоонун жыйынтыктары боюнча корутундуну даярдоо - 21
3.5. Ыйгарым укуктуу орган тарабынан чечим кабыл алуу ------------- 23
6. IV глава. Аккредитациялоодон кийинки иш-чаралар -------------------- 25
4.1. Билим берүү уюму тарабынан кемчиликтерди жоюу боюнча планды иштеп чыгуу -------------------------------------------------------- 25
4.2. Ыйгарым укуктуу орган тарабынан аккредитациялоонун жыйынтыгын комплекстик анализдөө методологиясы -------------------- 25
7. V глава. Аккредитациянын жарактуулугун токтото туруу, калыбына келтирүү жана токтотуу ------------------------------------------------------ 28
8. VI глава. Аккредитациялоо процедурасын каржылоо механизмдери ------------------------------------------------------------------------------- 29
1-тиркеме. Өзүн-өзү баалоо боюнча отчеттун типтүү формасы ---------- 30
2-тиркеме. Аккредитациядан өтүү тууралуу арыз -------------------------- 62
3-тиркеме. Ресурстар тууралуу маалыматтар -------------------------------- 63
4-тиркеме. Билим берүү чөйрөсүндө аккредитациялоо боюнча эксперттик комиссиянын курамы, тартиби жана мөөнөтү, аларга квалификациялык талаптар, ошондой эле аларды сертификациялоонун тартиби жана аларды тышкы баалоо өткөрүүгө тартуу -------------------- 73
5-тиркеме. Студенттерди окутуунун натыйжаларын баалоо эрежелери тууралуу жобо ------------------------------------------------------------------ 84
6-тиркеме. Тышкы баалоону өткөрүү боюнча корутунду ----------------- 97
7-тиркеме. Тышкы баалоо үчүн критерийлер – ------------- 134

8-тиркеме. Билим берүү уюмун аккредитациялоонун сертификатын кайра тариздөө тууралуу арыз --------------------------------------------------- 160
9-тиркеме. Аккредитациялоо тууралуу сертификаттын дубликатын берүү жөнүндө арыз ---------------------------------------------------------------- 161
10-тиркеме. Сертификаттын формасы ------------------------------------------ 162
11-тиркеме. Реестрдин формасы ---------------------------------------------- 164

## ГЛОССАРИЙ

**Аккредитация** - Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталган талаптардан жана критерийлерден төмөн эмес белгиленген талаптарга жана критерийлерге билим берүү уюмунун же билим берүү программаларынын ылайыктуулугун таануу максатында билим берүү уюмунун сапатынын деңгээлин бүтүндөй же анын айрым бир билим берүү программаларын баалоонун жол-жобосу.

**Алдын ала көрүү** – алыскы мөөнөттүк перспективадагы билим берүү уюмунун оптималдуу абалы.

**Баа берүү** – этикалык жана интеллектуалдык өнүгүүгө жана өмүргө керектүү компетенцияларды камсыз кылууга багытталган окуучулардын таанып-билүү ишмердигин өлчөө, интерпретациялоо жана анализдөө, ошондой эле билим берүүнүн сапатын жакшыртуу максатында бул ишмердиктин мамлекеттик стандарттын талаптарына шайкеш келүүсүн аныктоо үчүн окуучулар, ата-энелер, окутуучулар менен кайтарым байланыш түзүү.

**Баа берүү системасы** – кайтарым байланышты жүргүзүүнүн, окуучуларды, окутуучуларды, ата-энелерди, мамлекеттик жана коомдук түзүмдөрдү абалы, көйгөйлөрү жана билим берүүнүн жетишкендиктери тууралуу кулактандыруунун, жетишкендиктерди жана окутуунун көйгөйлөрүн текшерүүнүн негизги каражаттары;

**Баа берүүчү тапшырма** – окуучулардын билимин жана/же көндүмдөрүн баалоого багытталган жыйынтыктоочу (жазуу түрүндөгү же практикалык) тапшырма.

**Баалоо** - бекитилген критерийлер боюнча ишмердикти системалык жана объективдүү баалоо, анын ичинде иш жүзүндөгү сапаттык жана сандык маалыматтарды топтоону жана анализдөөнү камтуу.

**Билим берүү уюмунун миссиясы** - кызыкдар тараптардын муктаждыктарынан жана уюмдун өз потенциалын объективдүү баалоосунан келип чыккан стратегиялык негизги максаттардын жыйындысы.

**Билим берүүнүн максаттары** - билим берүү уюму өзүндө окугандардын (бүтүрүүчүлөрдүн) билим алуудагы, кесиптик ишиндеги жана социалдык-экономикалык турмуштагы потенциалдарын ийгиликтүү ишке ашырышы үчүн керектүү компетенцияны калыптандырууга тийиш болгон максаттар.

**Билим берүүнүн сапаты** - билим берүүнүн натыйжалары менен билим берүүнүн ар кандай субъекттеринин (окуучулардын, педагогдордун, ата-энелердин, иш берүүчүлөрдүн, жалпы коомдун) күтүүсүнө же алдыга коюлган билим берүү максаттарына жана милдеттерине шайкеш келиши.

**Билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясаты** - билим берүү уюмунун педагогикалык кеңеши тарабынан бекитилген документтердин жана аларды ишке ашыруу билим берүүнүн сапатын жогорулатууга жеткире турган пландалуучу мезгилдүү жол-жоболордун (иш-аракеттердин) жыйындысы.

**Билим берүүнүн сапатынын менеджментинин документтештирилген системасы** - билим берүү уюмундагы билим берүүнүн сапатын камсыздоо

саясатын ишке ашырууга тиешелүү пландарды, процесстерди, иш-аракеттерди жана натыйжаларды документтештирүүгө мүмкүндүк берүүчү система.

**Институционалдык аккредитация** - Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталган талаптардан жана критерийлерден төмөн эмес белгиленген талаптарга жана критерийлерге анын ылайыктуулугун таануу максатында билим берүү уюмунун сапатынын деңгээлин баалоо процедурасы.

**Кайтарым байланыш** – билим берүү кызматтарынын канчалык жакшы көрсөтүлөөрү жөнүндө кызыкдар тараптардын оозеки жана жазуу түрүндөгү баалоосу жана комментарийлери.

**Квалификация** - билимдин, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн түзүлгөнүн жана окутууну ийгиликтүү аяктаганын далилдөөнү таануу.

**Керектөөлөрдү анализдөө –** багытталган топко (окуучулар, ата-энелер, иш берүүчүлөр, жергиликтүү коомчулук ж.б.) керектүү нерселерди аныктоо жана баалоо.

**Компетенттүүлүк** - адамдын белгилүү бир кырдаалда (окуу, инсандык жана кесиптик) билимдин жана жөндөмдөрдүн ар кандай элементтерин өз алдынча колдонуудагы интеграцияланган жөндөмдүүлүгү.

**Компетенция –** тиешелүү чөйрөдө кесиптик ишмердикти алып баруу үчүн керек болгон жеке сапаттардын, билимдердин, жөндөмдөрдүн жана көндүмдөрдүн динамикалуу комбинациясы.

**Кызыкдар тараптар** - билим берүүнүн жогору сапатына кызыкдар мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, окуучулар, алардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү), билим берүү уюму, социалдык өнөктөр, коммерциялык эмес уюмдар.

**Мониторинг** - конкретүү көрсөткүчтөр боюнча маалыматтарды системалуу жыйноо, ошондой эле потенциалдуу көйгөйлөрдү аныктоо максатында башкарууну камсыздоо жана кызыкдар тараптар менен кайтарым байланыш үчүн маалыматтарды анализдөөчү үзгүлтүксүз процесс.

**Окутуу процесси** – окутуунун стратегиясы жана окуу ишмердигин тартипке келтирүү аркылуу окуучулардын билимин жана жөндөмдөрүн өнүктүрүү.

**Окутуунун максаттары** – окуучулардын келечектеги ишмердигинин алдын-ала жазылган шарттары жана ыкмалары.

**Окутуунун натыйжалары** - окуучу окууну бүтүргөндөн кийин билип чыгуучу, аткара жана көрсөтө (демонстрациялай) алуучу нерселердин баяндамасы.

**Окуучулардын жетишкендиктери** – программа боюнча талаптар жана окутуунун натыйжалары аткарылгандан кийинки билим берүүнүн расмий программасын жана кесиптик даярдоону ийгиликтүү аяктоо.

**Программалык аккредитация** - тиешелүү мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарынан төмөн эмес белгиленген талаптарга жана критерийлерге алардын ылайыктуулугун таануу максатында билим берүү программаларынын сапатынын деңгээлин баалоо процедурасы.

**Ресурстар** – системада же процессте каалаган натыйжаларга жетишүү максатында ишке киргизилген ошол системадагы/процesстеги ресурстар (мисалы, адамдык, материалдык-техникалык, окуу-методикалык, маалыматтык, ченемдик документтер).

**Сапатты башкаруу** – сапат жаатындагы саясат жана пландык мониторинг жүргүзүү жана сапатты жакшыртууну ишке ашыруучу сапатты башкаруу боюнча процедуралардын жана иш-чаралардын топтому.

**Сапатты камсыздоо** – берилген стандарттар менен шайкештелген көрсөтүлүүчү кызматтарды жакшыртуу жана баалоо үчүн багытталган пландалуучу жана системалуу процесстер.

**Стратегиялык максат** – стратегиялык маселелерди чечүү үчүн пландаштырылган иш-чаралар аркылуу билим берүү уюмунун алдыга коюлган макстаттарына умтулуусунун жыйынтыгы;

**Сунуш** – сапатты жогорулатуу же сабак берүүнүн жана окутуунун натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган натыйжалар жана бүтүмдөр менен негизделген сунуш.

# КИРИШҮҮ

Башталгыч жана орто кесиптик билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоо боюнча колдонмо ыйгарым укуктуу орган тарабынан башталгыч жана орто кесиптик билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоонун тартибин камтыйт.

Колдонмо Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 16-июнундагы № 381 "Негизги жана/же жалпы орто, баштапкы жана орто кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдарын аккредитациялоонун тартибин жана Негизги жана/же орто жалпы билим берүү программаларын ишке ашыруучу, аккредитациялануучу билим берүү уюмдарына коюлуучу минималдуу талаптарды бекитүү жөнүндө" жана «Кыргыз Республикасынын билим берүү системасында көз карандысыз аккредитация боюнча актыларды бекитүү жөнүндө» 2015-жылдын 29-сентябрындагы № 670 токтомдоруна ылайык иштелип чыкты.

Аккредитациялоонун негизги максаттары:

- билим берүүнүн сапатын камсыздоо;
- билим берүү уюмдары тарабынан көрсөтүүлүүчү билим берүү кызматынын сапатынын мамлекеттик билим берүү стандарттарынын жана аккредитацияланнуучу башталгыч жана орто кесиптик билим берүү уюмдарына коюлуучу минималдык талаптарга (мындан ары - минималдуу талаптар) туура келишин аныктоо;
- билим берүү уюмунун ишинин жана билим берүү программаларынын сапатына баа берүүнүн жыйынтыктары, ошондой эле билим берүү уюмдарында сапаттуу билим алуу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө коомчулукка маалымдоо;
- билим берүү уюмдарын өнүктүрүүгө жана билим берүү программаларын өркүндөтүүгө өбөлгөлөрдү түзүү;
- бүтүрүүчүлөргө билими жөнүндө документ берүү укугун тастыктоо.

Кыргыз Республикасында аккредитациялоонун ченемдик негизи болуп Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" мыйзамы эсептелет.

Ал мыйзамда мектепке чейинки жана кошумча билим берүүдөн тышкаркы, лицензиялоодон жана андан кийин аккредитациялоодон өткөн билим берүү уюмдары жалпы негизги билим берүү жана (же) кесиптик негизги билим берүү программаларын толук өздөштүргөн жана мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациядан өткөн бүтүрүүчүлөргө (ар бир билим берүү уюмуна бирден ашпаган) билими (жана) же квалификациясы жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү тийиштүү документ бере тургандыгы белгиленген (25-берене).

Билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүнүн сапатын ырастоо максатында башталгыч жана орто кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдары Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилген тартипте билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик

органында институционалдык же/жана программалык аккредитациялоодон өтө алышат.

Менчигинин формасына жана ведомстволук таандыгына карабастан, билим берүү уюмдарын аккредитациялоо, алардын иши Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы мыйзамдарында белгиленген тартипте таанылган аккредитациялык агенттиктер тарабынан же билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан 5 жылдык мөөнөткө, алардын жазуу жүзүндөгү арыздарынын негизинде жүзөгө ашырылат (40-берене).

Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" мыйзамынын талаптарын аткаруу максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан төмөнкү документтер бекитилген:

- Негизги жана/же жалпы орто, баштапкы жана орто кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдарын аккредитациялоонун тартиби (2017-жылдын 16-июнундагы № 381 токтом);
- Кыргыз Республикасынын аккредитацияланууучу башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдарына коюлуучу минималдуу талаптар (2015-жылдын 29-сентябрындагы № 670 токтом).

Бул колдонмо аккредитациялоого керектүү ченемдик жана методикалык документтерди камтыйт.

Колдонмо аккредитациялоо процессинин катышуучуларына (билим берүү уюмдарынын жетекчилерине, эксперттерге, ыйгарым укуктуу органдын кызматкерлерине жана башка кызыкдар тараптарга) арналган.

Колдонмодогу кызыкдар тараптар менен кайтарым байланыш технологиясын иштеп чыгууда GIZ «Кесиптик техникалык билим берүү жана эмгек» программасынын алкагында иштелип чыккан көз карандысыз аккредитациялоо боюнча материалдар колдонулду.

Жалпысынан, Колдонмонун авторлору көз карандысыз аккредитациялоо боюнча улуттук тажрыйбага таянышты.

## АККРЕДИТАЦИЯЛООНУ ӨТКӨРҮҮ ЭТАПТАРЫ

Башталгыч жана орто кесиптик билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоо үч этаптан турат:

- аккредитацияланууучу билим берүү уюмунун өзүн-өзү баалоосу;

- ыйгарым укуктуу орган тарабынан аккредитацияланууучу билим берүү уюмун жана программаны тышкы баалоо;

- ыйгарым укуктуу органдын аккредитациялоо же аккредитациялоодон баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алуусу.

Аккредитациялоонун кеңири процедурасы жана аларга коюлуучу талаптар Колдонмонун тиешелүү бөлүмдөрүндө берилген.

Аккредитациялоонун жөнөкөйлөтүлгөн схемасы 1-сүрөттө көрсөтүлгөн.



# I ГЛАВА. АККРЕДИТАЦИЯЛАНУУЧУ БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМУНУН ӨЗҮН-ӨЗҮ БААЛООСУ

Аккредитациялоодон өтүү максатында билим берүү уюму тарабынан төмөнкү этаптардан турган өзүн-өзү баалоо жүргүзүлөт:

- өзүн-өзү баалоо жүргүзүү үчүн комиссия түзүү;
- өзүн-өзү баалоону жүргүзүү;
- тиешелүү документтерди тиркөө менен өзүн-өзү баалоонун отчетун даярдоо;
- педагогикалык кенеш тарабынан аккредитациялоодон өтүү үчүн ыйгарым укуктуу органга документтерди жөнөтүү тууралуу чечим кабыл алуу.

## 1. ӨЗҮН-ӨЗҮ БААЛОО БОЮНЧА КОМИССИЯНЫН ИШИ ЖӨНҮНДӨ ТИПТҮҮ ЖОБО

### 1.1. Жалпы жоболор

Бул типтүү жобо аккредитацияланууучу билим берүү уюмунун өзүн-өзү баалоо жүргүзүү боюнча комиссиясынын иштөө эрежелерин жана тартибин бекитет.

Өзүн-өзү баалоонун максаттары:

- билим берүү уюмунун жана программанын минималдык талаптарга жана мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына шайкеш келүүсүн баалоо;
- аныкталган кемчиликтерди жоюу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу жана билим берүү уюмунун ишинин сапатын жакшыртуу боюнча иш-чараларды аткаруу.

Билим берүү уюму жетекчиликтин сунушу боюнча институционалдык же программалык аккредитациялоодон өтөт.

### 1.2. Өзүн-өзү баалоо боюнча комиссиянын ишин пландоо жана даярдоо

1.2.1. Өзүн-өзүн баалоо педагогикалык кеңештин чечиминин негизинде билим берүү уюмунун жетекчиси түзгөн комиссия (мындан ары - Комиссия) тарабынан жүргүзүлөт.

1.2.2. Педагогикалык кеңештин чечими менен Комиссиянын курамына төмөнкүлөр кирет:

– билим берүү уюмунун жетекчиси - Комиссиянын төрагасы;
– билим берүү уюмунун жетекчисинин орун басарлары;
– билим берүү уюмунун түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилери;
– билим берүү уюмунун усулдук бирикмелеринин жетекчилери;
– камкордук кеңештин, студенттердин, бүтүрүүчүлөрдүн, ата-энелердин, иш берүүчүлөрдүн жана башка кызыкдар тараптардын өкүлдөрү.

Комиссиянын сапаттык курамы аккредитациянын түрүнөн көз каранды:

- институционалдык аккредитациялоодо курамга билим берүү уюмун башкаруу тажрыйбасы бар адамдар сунушталат;

- программалык аккредитациялоодо аккредитацияланууучу программага жооптуулар сунушталат.

1.2.3. Өзүн-өзү баалоо жөнүндө буйрукта төмөнкүлөр көрсөтүлөт:

- ар бир мүчөнүн фамилиясы, аты, атасынын аты жана ээлеген кызматы (Комиссиянын төрагасын аныктоо менен);

- өзүн-өзү баалоо башталган жана аяктаган күндөр (өзүн-өзү баалоонун мөөнөтү 6 жумадан кем болбоосу шарт);

- өзүн-өзү баалоонун отчетун педагогикалык кеңештин отурумунда кароого берүү күнү.

1.2.4. Өзүн-өзү баалоого даярдык көрүүдө Комиссиянын төрагасы мүчөлөрү менен уюштуруу даярдык көрүү боюнча жыйналыш өтөт. Анда:

- өзүн-өзү баалоонун планы каралат жана бекитилет, белгилүү жумуш багыттары боюнча мүчөлөрдүн жоопкерчилиги жана ролу аныкталат;

- минималдык талаптардын жана мамлекеттик билим берүү стандарттарынын негизинде изилдөөгө жана баалоого кирүүчү маселелер такталат;

- өзүн-өзү баалоонун жыйынтыктарын жалпылоочу жана отчет даярдоочу адам дайындалат;

- өзүн-өзү баалоонун жыйынтыктарын алдын-ала жана акыркы кароо мөөнөттөрү аныкталат.

### 1.3. Өзүн-өзү баалоонун мазмуну

Өзүн-өзү баалоо – билим берүү уюмунун ишмердүүлүгүнүн минималдык талаптарга жана мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына шайкеш келишин камтыган комплекстүү жана ар тараптуу баалоо. Талдоого жана баалоого билим берүү уюмунун акыркы 5 жылдагы аккредитацияланууучу программалардын бардык окутуу формалары (күндүзгү, сырттан, кечки ж.б.) жана окутуу технологиялары (дистанттык билим берүү технологиясы, маалыматтык-коммуникациялык технология, ж.б.) боюнча жыйынтыктары кирет.

Билим берүү уюмунун ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктарын бекитүү тастыкталган болуусу зарыл (тастыктоочу документтер болушу керек).

Өзүн-өзү балоодо ар бир минималдык талап үчүн төмөнкүлөрдү көрсөтүү керек:

- документтердин жана ресурстардын бар болуусу;
- ишке ашуу механизми/ иш-жүзүнө ашыруу;
- иштин жыйынтыгын баалоо;
- жакшыртуу боюнча пландар.

Төмөндө билим берүү уюмунун ишмердүүлүгүнүн минималдык талаптарга шайкеш келишин баалоодогу документтердин болжолдуу тизмеси келтирилди:

1. *Билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясаты:*

- устав;
- бекитилген уюштуруучу-буйрутма документтер (билим берүү уюмунун (түзүмдүк бөлүмдөрүнүн) ишмердигине мониторинг жүргүзүү, баалоо, анализдөө жана жакшыртуу тууралуу жобо, ички тартиптин эрежелери, этикалык кодекс, билим берүү программаларынын катышуучуларынын укук бузууларына таасирденүү боюнча документ, билим берүү программаларын иштеп чыгуу, кайрадан кароо жана бекитүү тартиби, окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин объективдүү жана ачык баалоо эрежелери жана процедуралары, баалоонун жыйынтыктарын апелляциядан өткөрүү, билим берүү уюмунун сапатын камсыздоо саясаты, сапатты башкаруу боюнча колдонмо, сапат менеджментинин системасы боюнча жобо ж.б.);
- миссия, билим берүү максаттары, окутуунун күтүлүүчү натыйжалары;
- стратегиялык жана күндөлүк пландар (билим берүү уюмун өнүктүрүүнүн программасы);
- ички көзөмөл тууралуу жобо (билим берүү уюмунун ишмердигине мониторинг жүргүзүү, баалоо, анализдөө);
- билим берүү уюмунун уюштуруучу түзүмү (уюштуруу схемасы);
- протоколдор (педагогикалык кеңештин, ата-энелер жыйынынын, камкордук кеңештин, методикалык кеңештин, циклдик комиссиялардын, окуучулардын өзүн-өзү башкаруу органынын отурумдарынын, тегерек столдордун, жолугушуулардын ж.б.);
- сурамжылоолордун жыйынтыктары боюнча отчеттор (интервью, анкеттөө, бүтүрүүчүлөрдү көзөмөлдөө боюнча изилдөөлөр ж.б.)
- анализ боюнча отчеттор (билим берүү уюмунун иш багыттары боюнча)
- билим берүү уюмунун ишмердигин жана жетишкендиктерин баалоонун негизинде жакшыртуу боюнча пландар.

2. *Билим берүү программаларын иштеп чыгуу, бекитүү, мониторинг жүргүзүү жана мезгил-мезгили менен баалоо:*

- билим берүү уюмунун билим берүү программаларын иштеп чыгуу, бекитүү, мониторинг жүргүзүү жана мезгил-мезгили менен баалоо тууралуу жобо;
- билим берүү максаттары, билим берүү уюмунун миссиясы менен шайкеш келген окутуунун күтүлүүчү натыйжалары;
- окуу планы;
- сабактардын расписаниеси;
- анализ, бүтүмдөр, корутундулар, чечимдер менен мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыктары;

- предметтик (циклдык) комиссиялардын, методикалык кеңештердин ж.б. протоколдору;
- кызыкдар тараптарды сурамжылоонун жыйынтыктары (анкеталар, интервью, отчеттор ж.б.);
- билим берүү процессин окуу-методикалык камсыздоо;
- билим берүү уюмунун билим берүү программаларын жакшыртуу боюнча пландар.

*3. Билим берүү уюмунун инсанга багытталган окутууга жана окуучулардын (студенттердин) жетишүүсүн баалоо:*

- билим берүү уюмунун билим берүү максаттары жана окутуунун күтүлүүчү натыйжалары;
- окуу пландын билим берүү максаттарына жана окутуунун күтүлүүчү натыйжаларына шайкеш келишин анализдөө;
- окуу-методикалык камсыздоо;
- окутуунун жыйынтыктарын баалоонун бекитилген эрежелери жана процедуралары;
- окутуунун жыйынтыктарын баалоонун колдонулуп жаткан эрежелери жана процедуралары тууралуу окуучуларга маалымат берүү системалары;
- окуучуларды бекитүү жана окуудан чыгаруу дэңгээли, окуудагы жетишкендиктердин көрсөткүчтөрү, билим берүүнүн кийинки деңгээлдеринде окууну улантып жаткан бүтүрүүчүлөрдүн пайызы, бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусунун көрсөткүчтөрү;
- окуу сабактарын анализдөө жана байкоо жүргүзүү формасы;
- календардык-тематикалык пландар;
- окутуучулардын өздүк пландары;
- билим берүү уюмунун ишмердигине инновациялык технологияларды киргизүүнүн жыйынтыктары;
- тарбия иштери тууралуу жобо, тарбия иштеринин жыйынтыктарына мониторинг жүргүзүү, анализдөө жана баалоонун жыйынтыктары;
- ийримдердин, секциялардын иши тууралуу жобо, кызыкдар тараптарды сурамжылоонун жыйынтыктары;
- социалдык паспорт;
- окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүнү жана ишке ашырууну камсыздоону жөнгө салуучу документтер;
- ата-энелердин, окуучулардын ж.б. кызыкдар тараптардын анкеталары;
- билим берүү уюмунун билим берүү процессине мониторинг жүргүзүү, анализдөө, баалоонун жыйынтыктары, студенттердин жана бүтүрүүчүлөрдүн жетишкендиктери боюнча отчеттор;
- билим берүү уюмунун ишмердигин жакшыртуу боюнча пландар.

*4. Окуучуларды (студенттерди) кабыл алуу, билим берүүнүн натыйжаларын таануу жана окуучулардын (студенттердин) окууну аяктоосу:*

- студенттерди кабыл алуу, билим берүүнүн жыйынтыктарын таануу жана окуучулардын окууну аяктоосу тууралуу жобо;

- жыйынтыктоочу жана которуучу аттестация тууралуу жобо;

- аттестаттарды жана/же дипломдорду берүү китептери (журналы);

- экзамендерге киргизүү, окуучуларды которуу, мамлекеттик үлгүдөгү документтерди берүү тууралуу педагогикалык кеңештин протоколдору;

- мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестацияны өткөрүү тууралуу документтер (нускамалар, буйруктар, тапшырмалар);

- кабыл алуу, билим берүү жыйынтыктарын таануу жана окуучулардын окууну аяктоосу боюнча мониторинг жүргүзүү, анализдөө, баалоо жана жакшыртуунун жыйынтыктары боюнча отчет;

- кабыл алуу, билим берүү жыйынтыктарын таануу жана окуучулардын окууну аяктоосу боюнча пландар.

5. *Окутуучулук жана окутуучу-көмөкчү курам:*

- тандап алуу, кабыл алуу, ыңгайлаштыруу (адаптациялоо), окутуу, илгерилетүү, шыктандыруу жана окутуучулук жана окутуучу-көмөкчү курамды иштен бошотуу тартиптери тууралуу жобо;

- педагогдордун сандык-сапаттык курамы;

- кызматкерлердин кызмат нускамалары, функционалдык милдеттери;

- билим берүү уюмунун кызматкерлеринин ишмердигин баалоо критерийлери;

- анкеталар, интервьюнун, тегерек столдордун, сүйлөшүүлөрдүн, жолугушуулардын протоколдору;

- кызматкерлердин ишмердиги боюнча мониторинг жүргүзүү, анализдөө, баалоо жана жакшыртуунун жыйынтыктарынын отчету;

- кызматкерлердин квалификацияларын жогорулатуунун 5 жылдык планы.

6. *Материалдык-техникалык база жана маалымат ресурстары:*

- инвентаризациялоо тууралуу документтер (китепкана фонддору, компьютердик класстар, тармактык ресурстар, окуу жабдыктары жана окутуунун техникалык куралдары, башка ресурстар);

- техникалык паспорт;

- окуу жылына даярдык тууралуу акт;

- билим берүү программаларын ишке ашыруу үчүн өрткө каршы коопсуздук, эмгекти коргоо жана техникалык коопсуздук боюнча бекитилген нускамалар;

- билим берүү программаларын ишке ашыруу үчүн санитардык-гигиеналык ченемдер жана эрежелердин, өрткө каршы коопсуздуктун, эмгекти коргоо жана техникалык коопсуздуктун талаптарга шайкеш келиши тууралуу корутунду;

- билим берүү уюмунун материалдык-техникалык базасын жана маалыматтык ресурстарын техникалык тейлөө тууралуу жобо;

- билим берүү уюмунун материалдык-техникалык базасын жана маалыматтык ресурстарын топтоо, баалоо, анализдөө жана жакшыртуу механизмдери;

- материалдык-техникалык базаны жана маалыматтык ресурстар боюнча мониторинг жүргүзүү, баалоо, анализдөө жана жакшыртуу, аларды тейлөө боюнча отчеттор;

- материалдык-техникалык базаны, маалыматтык ресурстарды жана аларды тейлөөнү жакшыртуу боюнча пландар;

- маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу боюнча кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу пландары.

*7. Маалыматты башкаруу жана аны коомчулукка жеткирүү:*

- билим берүү уюмунун маалыматын башкаруу тууралуу жобо (башкаруунун маалыматтык системасы);
- билим берүү уюмунун коммуникациялык стратегиясы;
- коомчулукту билим берүү программаларын ишке ашыруу боюнча тиешелүү маалыматтар менен камсыздоо үчүн билим берүү уюму тууралуу маалыматтар;
- билим берүүнү башкаруунун маалыматтык системасы (окуучулардын контингенти, сабакка катышуусу жана жетишкендиктери, алардын окуу жайынан түрдүү себептер менен кетип калуусу, билим берүү программаларынын жыйынтыктары менен окуучулардын жана ата-энелердин канааттангандыгы, материалдык жана маалыматтык ресурстардын жеткиликтүүлүгү, олимпиадаларга, долбоордук конкурстарга, спорттук иш-чараларга катышуунун жыйынтыктары тууралуу маалыматтар);
- билим берүү уюму тарабынан коомчулукка дайыма маалымат берип туруу үчүн миссия, билим берүү максаттары, окутуунун күтүлүүчү натыйжалары, сабак берүүнүн жана окутуунун формалары, баалоонун процедуралары жана критерийлери, жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыктары жана окуучулардын ж.б. жетишкендиктери тууралуу маалыматтык ресурстар (веб-сайт, электрондук дарек, телефондук жана факсимилдик байланыштар, гезит).

Окуучуларды окутуунун жыйынтыктарынын деңгээлин баалоо билим берүү уюму тарабынан аккредитацияланып жаткан башталгыч жана орто кесиптик билим берүү программалары боюнча өзүн-өзү баалоо процесси 5-тиркемеге ылайык жүргүзүлөт.

Баа берүү тапшырмалары билим берүү уюму тарабынан иштелип чыгат, баа берүү тапшырмаларынын мазмуну билим берүү максаттары жана окутуунун натыйжаларын эске алуу менен Мамлекеттик стандарттарга ылайык түзүлөт.

### 1.4. Жыйынтыктарды жалпылоо жана отчет түзүү

1.4.1. Комиссия тарабынан билим берүү уюмунун ишмердүүлүгү жөнүндө жыйналган материалдарга жана маалыматтарга талдоо жүргүзүлөт.

1.4.2. Жыйынтыктарды жалпылоо боюнча жооптуу кызматкер алынган материалды өзүн-өзү баалоонун отчету (мындан ары - Отчет) түрүндө жазат.

1.4.3. Төрага Отчетту алдын-ала талкуулоо боюнча Комиссиянын жыйынын өткөрөт. Жыйында айрым суроолор такталат, кошумча материалдарды жыйноо жөнүндө ой-пикирлер айтылат, өзүн-өзү баалоонун жыйынтыгында бүтүмдөрдү жана сунуштарды талкуулашат.

1.4.4. Отчет боюнча Комиссиянын мүчөлөрү берген сунуштар жана сын-пикирлерди эске алуу менен төрага оңдоп-түздөөнүн жана жыйынтыктоочу кароонун мөөнөтүн белгилейт.

1.4.5. Өзүн-өзү баалоо боюнча толукталып иштелип чыккан отчетту жыйынтыктап карагандан кийин, Отчет педагогикалык кеңеште каралат. Педагогикалык кеңеш Отчетту жетекчи тарабынан бекитүү жана материалдарды аккредитациялоонун тышкы баалоосунан өтүү үчүн ыйгарым укуктуу органга жөнөтүү жөнүндө чечим кабыл алат.

**1.5. Отчетко коюлган жалпы талаптар**

Отчет 1-тиркемедеги бекитилген формага ылайык А4 форматтагы кагазга жазылып, төмөнкү бөлүктөрдөн турат:

- титулдук бет;
- мазмуну;
- кыскартуулар;
- киришүү;
- минималдык талаптардын аткарылышы боюнча талдоо жана далилдер;
- бүтүм;
- тиркемелер.

Минималдык талаптардын аткарылышын талдоо жана далилдер бөлүгүндө күчтүү жана алсыз жактарын көрсөтүү менен минималдык талаптардын аткарылышы, жана бүтүмдөр менен сунуштар төмөнкүлөрдү эске алуу менен көрсөтүлөт:

- документтердин жана ресурстардын бар экендиги;
- ишке ашыруу механизми / практикада аткарылышы;
- иштин жыйынтыгынын баалануусу;
- жакшыртуу боюнча пландар.

Бүтүм билим берүү уюмунун жана программалардын минималдык талаптарга шайкеш келиши боюнча акыркы жыйынтыкты жана ыйгарым укуктуу органдан аккредитациялоо өтүү сунушун камтыйт.

Отчеттун текстинин шрифти 12, Times New Roman, бөлүктөрдүн аталышынын шрифти – 14, Times New Roman, аларды кара кылып бое зарыл. Саптардын ортосундагы интервал – бир, баардык беттер номерленген.

Беттин талаалары: солдон – 2,5 см, ондон – 1,5 см, жогору жана төмөн жагы – 2 см. Таблицаларга жана графиктерге аталышы жана номери коюлат. Тиркемелерге да номер коюлат. Отчеттун текстиндеги шилтемелер документтин аталышын, бетин жана тиркеменин номерин камтыйт.

## II ГЛАВА. ЫЙГАРЫМ УКУКТУУ ОРГАНГА АККРЕДИТАЦИЯ ӨТҮҮ ҮЧҮН ТАПШЫРЫЛУУЧУ ДОКУМЕНТТЕР

Аккредитациядан өтүү үчүн билим берүү уюмдары ыйгарым укуктуу органга төмөнкү документтерди тиркөө менен аккредитациялоо жөнүндө (2 - тиркеме) арыз менен кайрылышат:

- өзүн-өзү баалоо боюнча отчетту;
- юридикалык жактын мамлекеттик каттоосу (кайра каттоосу) жөнүндө документтин көчүрмөсүн;
- юридикалык жактын билим берүү ишин караган уставынын көчүрмөсүн;
- лицензиялардын көчүрмөсүн;
- окуу пландарынын көчүрмөсүн;
- ишеним катты же билим берүү уюмунун атынан иш алып барууга ыйгарым укуктуу адамды ырастоочу башка документти;
- уюштуруучусу диний уюмдар болгон билим берүү уюмдары үчүн диний уюмдун дин иштери боюнча мамлекеттик органдагы каттоосу жөнүндө күбөлүктүн көчүрмөсүн;
- билим берүү уюмунун ресурстары жөнүндө маалыматты (3-тиркеме);
- берилген документтердин тизмесин.

Арыз жана документтер арыз ээси тарабынан кыргыз же орус тилдеринде кагаз жана/же электрондук түрдө берилет.

Билим берүү уюму ыйгарым укуктуу органдын сайтында белгиленген формадагы арызды толтурат жана жогорку тизмеде каралган документтерди электрондук түрдө тиркейт.

Бул учурда билим берүү уюму электрондук түрдө арыздын кабыл алынгандыгын тастыктаган кабыл алуу күнү жана документтердин тизмеси көрсөтүлгөн тастыктама алат.

Аккредитациядан өтүүгө арыз ыйгарым укуктуу орган тарабынан бекитилген графикке ылайык акыркы аккредитациялоонун жарактуу мөөнөтү аяктаганга чейин 3 ай мурда берилет.

Билим берүү уюмунун жетекчиси берилген документтердин аныктыгы үчүн жеке жоопкерчилик тартат.

## III ГЛАВА. ЫЙГАРЫМ УКУКТУУ ОРГАН ТАРАБЫНАН ТЫШКЫ БААЛОО ЖҮРГҮЗҮҮ

Тышкы баалоонун максаты аккредитацияланууучу билим берүү уюмунун ишмердүүлүгүнүн жана программаларды ишке ашыруу шарттарынын минималдык талаптарга жана мамлекеттик билим берүү стандарттарына туура келүүсүн аныктоонун негизинде, окуучулардын жана кызыкдар тараптардын кызыкчылыктарын эске алуу менен аккредитациялоо, сын-пикирлер менен аккредитациялоо (шарттуу) же аккредитациялоодон баш тартуу жөнүндө объективдүү чечимди кабыл алуу.

Ыйгарым укуктуу орган тарабынан тышкы баалоо жүргүзүү төмөнкү этаптардан турат:

- документтерди каттоо жана текшерүү;
- тышкы баалоо жүргүзүү үчүн комиссия түзүү;
- тышкы баалоо жүргүзүү;
- тышкы баалоо жүргүзүүнүн жыйынтыктары боюнча корутунду даярдоо;
- ыйгарым укуктуу орган тарабынан билим берүү уюмун же билим берүү программасын аккредитациялоо боюнча чечим кабыл алуу.

### 3.1. Документтерди каттоо жана текшерүү

Ыйгарым укуктуу орган арыз жана ага тиркелген документтер келип түшкөн күндөн тартып 1 жумуш күндүн ичинде каттайт.

Арыз жана документтер катталган күндөн тартып 7 жумуш күндүн ичинде тиркелген документтердин толук экендигин жана алардын туура тариздолгендигин текшерет.

Текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча ыйгарым укуктуу орган төмөнкү чечимди кабыл алат:

- өзүн-өзү баалоо минималдык талаптарга шайкеш келбеген учурда арыз ээсине документтерди кайтаруу жөнүндө;
- өзүн-өзү баалоо минималдык талаптарга шайкеш келген учурда документтерди кароого алуу жөнүндө.

Арыз ээсине документтерди кайтаруу жөнүндө чечим кабыл алынган учурда ыйгарым укуктуу орган бул чечим кабыл алынгандан кийин 3 жумуш күндүн ичинде ага жазуу жүзүндө кабарлайт.

Документтерди кароого алуу жөнүндө чечим кабыл алынган учурда 5 жумуш күндүн ичинде аккредитацияланууучу билим берүү уюмуна жана программага тышкы баалоо жүргүзүү тууралуу буйрук чыгарылат.

### 3.2. Тышкы баалоо жүргүзүү боюнча комиссия түзүү

Аккредитацияланууучу билим берүү уюмун жана программаларды тышкы баалоо ыйгарым укуктуу органдын буйругу менен түзүлгөн эксперттик комиссия тарабынан жүргүзүлөт.

Эксперттик комиссиянын курамы аныкталган ыйгарым укуктуу органдын тышкы баалоо жүргүзүү жөнүндө буйругунда төмөнкүлөр көрсөтүлөт:

- аккредитацияланууучу билим берүү уюмунун толук аталышы;
- эксперттердин фамилиясы, аты, атасынын аты жана ээлеген кызматы (Эксперттик комиссиянын төрагасын аныктоо менен);
- тышкы баалоо башталган жана аяктаган күнү (тышкы баалоо мөөнөтү 14 жумуш күндөн ашпоого тийиш);
- ыйгарым укуктуу органга корутунду берилүүчү күн;
- мыйзам чегинде аккредитациялоону каржылоо тартиби;
- Комиссиянын мүчөлөрүнүн жоопкерчилиги.

Эксперттик комиссиянын курамына ар бир билим берүү программасы боюнча бирден эксперт киргизилет.

Эксперттик комиссиянын курамы, иштөө тартиби жана мөөнөтү, билим берүү уюмун жана программаларды аккредитациялоо жаатындагы эксперттерге коюлуучу квалификациялык талаптар, эксперттердин этикалык кодекси, ошондой эле эксперттерди сертификациялоо жана аларды тышкы баалоого тартуу тартиби 4-тиркемеге ылайык аныкталат.

### 3.3. Тышкы баалоону жүргүзүү

Аккредитацияланууучу билим берүү уюмунун ишмердүүлүгүн тышкы баалоодо Комиссиянын иши төмөнкүлөрдү камтыйт:

- өзүн-өзү баалоо боюнча отчетту, ресуртар жөнүндө маалыматты жана башка тиркелген документтерди изилдөөнү жана талдоону;
- билим берүү уюмунун миссиясынын, билим берүү максаттарынын, окутуунун жыйынтыктарынын, стратегиялык пландарынын, негизги жана кошумча ресурстардын жана процесстердин мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына, минималдык талаптарга, кызыкдар тараптардын кызыкчылыктарына шайкеш келишин талдоону;
- билим берүү уюмунун билим берүү максаттарын жана окутуунун жыйынтыктарын эске алуу менен окуу программасынын мазмунун талдоону;
- билим берүү уюмунун окутуунун жыйынтыктарын баалоосунун методдорун, критерийлерин, процедураларын, баалоо системасынын билим берүү максаттары жана окутуунун жыйынтыктары менен шайкештигин (адекваттуулугун) талдоону;
- кадрдык камсыз болуусун талдоону, адам ресурстарын башкаруу боюнча укуктук-ченемдик актылардын стратегиясын жана саясатын баалоону;
- бүтүрүүчүлөрдүн санын жана сапатын, жумушка орношуусунун көрсөткүчүн жана окууну улантуусун талдоону;
- билим берүү уюмунун материалдык-техникалык базасын, маалыматтык ресуртарын, кадрдык жана окуу-методикалык камсыздалышын лицензиялык талаптарга, ошондой эле мамлекеттик билим берүү стандарттарына жана минималдык талаптарга ылайык келишин баалоону;

- билим берүү уюмунун сапатты ички камсыздоо инструменттерин жана механизмдерин, жакшыртуу боюнча пландарын баалоону;

- интервью алуу жолу менен билим берүү уюмунун ишмердүүлүгүнүн/ билим берүү программасын ишке ашыруунун жыйынтыгында кызыкдар тараптардын канааттангандыгын баалоону;

- билим берүү уюмунун ишмердүүлүгүнүн/билим берүү программасынын ишке ашырылышынын жыйынтыгын жакшыртуу боюнча пландарын баалоону.

Эксперттик комиссия тышкы баалоону аккредитацияланууучу программаларда окутуунун баардык формалары (күндүзгү, сырттан, кечки ж.б.) жана окутуу технологиялары (дистанттык билим берүү технологиялары, маалыматтык-коммуникациялык технологиялар ж.б.) боюнча жүргүзөт.

Өзүн-өзү баалоо боюнча отчеттогу маалыматтардын аныктыгына күмөн жаралган учурда, эксперттик комиссия аккредитацияланууучу билим берүү уюмунан өзүн-өзү баалоо боюнча отчеттогу документтик маалыматтарды текшерүү үчүн материалдарды сурайт.

### 3.4. Тышкы баалоонун жыйынтыктары боюнча корутундуну даярдоо

Тышкы баалоо жүргүзүүнүн жыйынтыктары боюнча эжксперттик комиссия 5 жумуш күндүн ичинде ыйгарым укуктуу органга 6-тиркемеге ылайык билим берүү уюмун/билим берүү программасын аккредитациялоо, сын-пикирлер менен аккредитациялоо (шарттуу) же аккредитациялоодон баш тартуу жөнүндө сунуш менен корутундуну тапшырат.

Эксперттик комиссиянын мүчөлөрү корутунду жазаардан мурда ар бир билим берүү программасы боюнча тышкы баалоонун жыйынтыктарын алдын-ала талкуулоосу зарыл.

Корутундуда эксперттик комиссия билим берүү уюмунун ишмердүүлүгүнө/ билим берүү программасынын ишке ашырылышына минималдык талаптардын жана мамлекеттик билим берүү стандартынын, кызыкдар тараптардын талаптарынын аткарылышын жана интервьюнун жыйынтыгын көрсөтүп, төмөнкүлөрдүн негизинде баа берет:

- документтердин жана ресурстардын бар экендиги;
- ишке ашыруу механизми / практикада аткарылышы;
- иштин жыйынтыгынын бааланууусу;
- жакшыртуу боюнча пландар.

Булардын негизинде эксперттик комиссия билим берүү уюмунун ишмердүүлүгүн жакшыртуу боюнча сунуштарын берет.

Эксперттик комиссия тарабынан минималдык талаптардын аткарылышын баалоо 7-тиркемеге ылайык, баалоо критерийлеринин негизинде жүргүзүлөт.

Эгерде ар бир минималдык талапта критерийлердин 1/3 бөлүгү “**дал келбейт**” деп бааланса, анда ал минималдык талап аткарылбаган болуп

эсептелет. Төмөнкү таблицада орто кесиптик билим берүүнүн мисалында минималдык талаптардын жалпы баасы берилди.

| № | Минималдык талап | Критерийлер-дин жалпы саны | Аткарылбаган критерийлердин саны | Минималдык талаптын жалпы баасы |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатына | 7 | 2 жана андан ашык | аткарылбайт |
| 2 | Билим берүү программаларын иштеп чыгуу, бекитүү, мониторинг жүргүзүү жана мезгил-мезгили менен баалоого | 10 | 3 жана андан ашык | аткарылбайт |
| 3 | Инсанга багытталган окутууга жана окуучулардын (студенттердин) жетишүүсүн баалоого | 9 | 3 жана андан ашык | аткарылбайт |
| 4 | Окуучуларды (студенттерди) кабыл алуу, билим берүүнүн натыйжаларын таануу жана окуучулардын (студенттердин) окууну аяктоосуна | 6 | 2 жана андан ашык | аткарылбайт |
| 5 | Окутуучулук жана окутуучу-көмөкчү курамга | 8 | 3 жана андан ашык | аткарылбайт |
| 6 | Материалдык-техникалык базага жана маалымат ресурстарына | 8 | 3 жана андан ашык | аткарылбайт |
| 7 | Маалыматты башкарууга жана аны коомчулукка жеткирүүгө | 5 | 2 жана андан ашык | аткарылбайт |

Бир мезгилде бир нече программа аккредитацияланса, эксперттик комиссия бардык программалар боюнча минималдык талаптардын көрсөткүчтөрүн жалпылап бир корутунду даярдайт.

Эксперттик комиссия ыйгарым укуктуу органга негизин көрсөтүү менен төмөнкү чечимдердин бирин сунуштайт:

- билим берүү уюмун жана программаны 5 жылдык мөөнөткө аккредитациялоо жөнүндө - минималдык талаптарга шайкеш келген шартта;
- минималдык талаптарга шайкеш келбегендиги боюнча 2ге чейин факты болгондо, аныкталган шайкеш келбестиктерди жоюуну талап кылуу

менен билим берүү уюмун жана программаны 1 жылдык мөөнөткө сын-пикирлер менен аккредитациялоо (шарттуу) жөнүндө;

- минималдык талаптарга шайкеш келбеген 2ден ашык факты болгон учурда билим берүү уюмун жана программаны аккредитациялоодон баш тартуу жөнүндө.

### 3.5. Ыйгарым укуктуу орган тарабынан чечим кабыл алуу

Эксперттик комиссиянын корутундусу аны ыйгарым укуктуу орган алган күндөн тартып 30 календардык күндөн кечиктирбестен ыйгарым укуктуу органдын коллегиясынын кароосуна киргизилет.

Эксперттик комиссиянын корутундусунун негизинде ыйгарым укуктуу органдын коллегиясы төмөнкүлөр жөнүндө чечим кабыл алат:

- билим берүү уюмун жана программаны 5 жылдык мөөнөткө аккредитациялоо жөнүндө - минималдык талаптарга шайкеш келген шартта;
- минималдык талаптарга шайкеш келбегендик боюнча 2ге чейин факты болгондо, аныкталган шайкеш келбестиктерди жоюуну талап кылуу менен билим берүү уюмун жана программаны 1 жылдык мөөнөткө сын-пикирлер менен аккредитациялоо (шарттуу) жөнүндө;
- минималдык талаптарга шайкеш келбеген 2ден ашык факты болгон учурда билим берүү уюмун жана программаны аккредитациялоодон баш тартуу жөнүндө.

Сын-пикирлер менен аккредитациялоодогу (шарттуу) шайкеш келбестиктер жоюлганы ырасталган учурда, аккредитациялоо мөөнөтү 5 жылга чейин узартылат (1 жылга аккредитациялоо мөөнөтү менен кошо алганда).

1 жылдык мөөнөткө аккредитациялоо жөнүндө чечим эки жолудан ашык кабыл алынбайт.

1 жылдык мөөнөткө аккредитациялоо жөнүндө чечим эки жолу кабыл алынгандан кийин билим берүү уюмунун уюштуруучусу ыйгарым укуктуу органдын сунушу боюнча билим берүү уюмунун жетекчисинин ээлеген кызматына ылайык келишин мыйзамда белгиленген тартипте карайт.

Коллегиянын аккредитациялоо боюнча чечими ыйгарым укуктуу органдын буйругу түрүндө таризделет.

Ыйгарым укуктуу орган төмөнкү учурларда лицензиялык талаптардын аткарылышын текшерүү боюнча пландан тышкаркы текшерүүнү жүргүзөт:

- эки жолу 1 жылдык мөөнөткө аккредитациялоо жөнүндө чечим кабыл алынса;
- аккредитациялоодон баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алынса.

Аккредитацияланууучу билим берүү уюму аккредитациялоо жөнүндө арызын ыйгарым укуктуу органдын чечими кабыл алынганга чейин аны жүргүзүүнүн бардык этабында кайра сурап алууга укуктуу.

Билим берүү уюму ыйгарым укуктуу органдын чечимине мыйзам чегинде даттанууга укуктуу.

Билим берүү уюмдарын аккредитациялоонун жыйынтыктары, өзүн-өзү баалоонун материалдары жана корутундусу ыйгарым укуктуу органдын расмий веб-сайтында жарыяланат.

Ыйгарым укуктуу орган аккредитацияланган билим берүү уюмдарына аккредитациялоо жөнүндө сертификатын, анын жарактуу мөөнөтүн көрсөтүү менен берет.

Билим берүү уюму юстиция органдарында кайра катталган учурда сертификаттын жарактуулугу сакталат жана жаңы юридикалык жакка кайра катталат. Сертификатты кайра каттоого арыз 8-тиркемедеги формада берилет.

Аккредитациялоо жөнүндө сертификат жоголгон же бузулган учурда билим берүү уюмунун арызы боюнча аккредитациялоо жөнүндө сертификаттын дубликаты берилет. Аккредитациялоо жөнүндө сертификаттын дубликатын берүү тууралуу ыйгарым укуктуу органдын чечими арыз катталган күндөн тартып 14 жумуш күндөн ашпаган мөөнөттө кабыл алынат. Аккредитациялоо жөнүндө сертификаттын дубликаты бир нускада “Дубликат” деген белги менен таризделет. Дубликат алуу үчүн билим берүү уюму 9-тиркемеге ылайык арыз менен кайрылат.

Сертификаттын формасы 10-тиркемеде бекитилген.

Ыйгарым укуктуу орган аккредитацияланган билим берүү уюмдарынын жана программалардын реестрин электрондук түрдө жүргүзөт, аларды өзүнүн веб-сайтына жайгаштырат, жылына жок дегенде бир жолу жаңылап турат.

Аккредитацияланган билим берүү уюмдарынын жана программалардын реестри чечим кабыл алынган жана каттоо номери ыйгарылган датаны көрсөтүү менен хронологиялык тартипте түзүлөт.

Аккредитациялоо жөнүндө арыз жана ага тиркелген документтер, ыйгарым укуктуу органдын аккредитациялоо же аккредитациялоодон баш тартуу жөнүндө, аккредитациялоо жөнүндө сертификатты кайра тариздөө жөнүндө чечимдери, аккредитациялоо жөнүндө сертификаттын тиркемелери менен көчүрмөсү, аккредитациялоо жөнүндө сертификаттын дубликатын берүү жөнүндө жана ага тиркелген документтер, текшерүү менен байланышкан документтер уюмдун аккредитациялык делосун түзөт.

Аккредитациялык дело ыйгарым укуктуу органда электрондук түрдө, ал эми билим берүү уюмунда электрондук жана кагаз түрүндө 7 жыл сакталат.

Билим берүү уюму аккредитациялоодон кийин 1 айдын ичинде аккредитациялык делонун бардык материалдарын ыйгарым укуктуу органдын билим берүүнү башкаруунун маалыматтык системасына киргизүүгө милдеттүү.

Билим берүүнү башкаруунун маалыматтык системасына аккредитациялоо боюнча маалыматтарды жаңылоого билим берүү уюмунун жетекчиси түздөн-түз милдеттүү.

## IV ГЛАВА. АККРЕДИТАЦИЯЛООДОН КИЙИНКИ ИШ-ЧАРАЛАР

### 4.1. Билим берүү уюму тарабынан кемчиликтерди жоюу боюнча планды иштеп чыгуу

Аккредитациялоо жөнүндө чечим кабыл алынгандан кийин билим берүү уюму 1 айлык мөөнөттө кызыкдар тараптын катышуусу менен кемчиликтерди жоюу жана сунуштарды ишке ашыруу боюнча планды иштеп чыгуусу зарыл.

План төмөнкү иш-чараларды өзүнө камтыйт:

- Кемчиликтерди жана Комиссиянын сунуштарын талкуулоо;
- кемчиликтерди жоюунун жолдорун аныктоо;
- жакшыртууга зарыл болгон ресурстарды аныктоо;
- аткаруу мөөнөтүн белгилөө;
- жакшыртуу боюнча ар бир иш-чарага жооптууларды дайындоо.

Билим берүү уюмунун жетекчилиги пландын аткарылышын так көзөмөлдөөсү жана педагогикалык кеңештин кароосуна үзгүлтүксүз жыйынтыкты алып чыгуусу зарыл. Кемчиликтерди жоюу жана Комиссиянын сунуштарын аткаруу боюнча план, окуу жылына карата планды аткаруу боюнча педагогикалык кеңештин чечимдери аккредитациялык делого киргизилет.

Билим берүү уюму өз ишмердүүлүгүн баалоо боюнча төмөнкү схемага ылайык жыл сайын системалуу иш алып баруусу зарыл:

- документтердин жана ресурстардын бар экендиги;
- ишке ашыруу механизми / практикада аткарылышы;
- иштин жыйынтыгынын баалануусу;
- жакшыртуу боюнча пландар.

### 4.2. Ыйгарым укуктуу орган тарабынан аккредитациялоонун жыйынтыгын комплекстик анализдөө методологиясы

Ыйгарым укуктуу орган төмөндө келтирилген максатта аккредитациялоонун жыйынтыктарын комплекстүү талдоо жүргүзөт:

- аккредитациялоонун жыйынтыктарын жалпылоо, билим берүү уюмдарынын кызматын жана билим тармагындагы саясатты жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;
- укуктук жана сапатты камсыздоо боюнча методологиялык базаны жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.

Комплекстүү анализдин маселелери:

1. аккредитациялоонун жыйынтыктары боюнча комплекстүү талдоонун иш планын иштеп чыгуу;
2. аккредитациялоонун жыйынтыктары боюнча комплекстүү талдоонун методдорун жана инструменттерин иштеп чыгуу;
3. билим берүү кызматын көрсөтүүдө жалпы көйгөйлөрдү жана алдыңкы (начар) тажрыйбалар боюнча жеке учурларды аныктоо;

4. билим берүү ишмердүүлүгүндөгү жетишпегендиктердин жана кемчиликтердин факторлорун аныктоо;

5. билим берүү тармагында саясатты жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;

6. билим берүү уюмунун иш-аракетин жакшыртуу сунушун иштеп чыгуу (процесстерин, жыйынтыктарын, ресустарын, актыларын);

7. аккредитациялоо боюнча сапатты камсыз кылуунун ченемдик жана методологиялык базасын жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;

8. аккредитациялоонун жыйынтыгын билим берүүнү башкаруунун маалыматтык системасына интеграциялоо үчүн аккредитациялоо жөнүндө маалыматтын мазмуну жана түзүмү боюнча сунуштарды даярдоо, коомчулукка жеткирүү жана билим берүүнүн сапатын жакшыртуу боюнча ыйгарым укуктуу орган төмөнкү багытта сунуштарды иштеп чыгат:

- ченемдик жана методологиялык база: жоболор, көрсөтмөлөр, жетекчилик, сапаттын стандарттары жана критерийлери, отчеттордун мазмунуна жана формасына карата талаптар (өзүн-өзү баалоо, тышкы баалоо), эксперттерге квалификациялык талаптар;
- өзүн-өзү жана тышкы баалоонун жыйынтыгы боюнча чечимди кабыл алуунун критерийлери;
- аккредитациялоонун жыйынтыгы жана жакшыртуу боюнча сунуштар;
- үйрөтүүчү материалдардын топтому.

9. Аккредитациянын жыйынтыгы боюнча коомдук талкууну өткөрүү үчүн маалыматтык материалды даярдоо.

Аккредитациялоонун жыйынтыгынын комплекстүү анализин камсыздоо жана билим берүүнү тейлөөнү жакшыртуу боюнча (билим берүү жаатындагы саясатты, билим берүү уюмдарынын иш-аракетин аккредитациялоо боюнча ченемдик жана методологиялык базаны) конструктивдик сунуштарды иштеп чыгуу үчүн жумушчу топтор түзүлөт. Бул жумушчу топторго ыйгарым укуктуу органдын өкүлдөрү, билим берүү тармагындагы эксперттер жана кызыкдар тараптардын өкүлдөрү, анын ичинде жумуш берүүчүлөр, бүтүрүүчүлөр ж.б. кирет.

Аккредитациялоонун жыйынтыгын комплекстүү анализдөө үчүн баштапкы материал болуп башталгыч жана орто кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруучу уюмдар тууралуу статистикалык көрсөткүчтөр, аккредитациядан өткөн билим берүү уюмдарынын саны тууралуу, алардын статусу жана типтери тууралуу маалыматтар, эксперттик комиссиялардын корутундулары, аккредитациялоо же шарттуу аккредитациялоо тууралуу ыйгарым укуктуу орган тарабынан кабыл алынган чечимдер саналат. Бардык көрсөтүлгөн статистикалык жана фактылык көрсөткүчтөр аккредитациялоо процессинде билим берүүнү башкаруунун маалыматтык системасынын (ББМС) электрондук базасында уюштурулушу керек. Билим берүүнү башкаруунун маалыматтык системасы башталгыч

жана орто кесиптик билим берүү боюнча аккредитациялоону талдоонун жыйынтыгын автоматташтырып өткөрүүгө мүмкүндүк берет.

Аккредитациялоонун жыйынтыгын сандык жана сапаттык талдоо төмөнкү аспектилерден турат:

- аккредитацияланган же шарттуу аккредитацияланган билим берүү уюмдарынын статистикалык көрсөткүчтөрүн анализдөө (типтери, менчик формасы, билим берүү программаларынын денгээли, окуучулардын контингенти, областы, районну, шаары, айылы ж.б.);
- эксперттик комиссиялар тарабынан көрсөтүлгөн билим берүү уюмдарын жакшыртуу боюнча корутундулардын жана сунуштардын сапаты;
- билим берүү уюмдарынын жетишкендиктеринин/окутуунун жыйынтыктарынын минималдык талаптарга ылайык келиши (7 минималдык талап боюнча күчтүү жана начар жактардын талдоосу).

Башталгыч жана орто кесиптик билим берүү уюмдарын аккредитациялоонун жыйынтыктары аккредитациялоого берилген бардык билим берүү программаларынын алкагында жүргүзүлөт.

Аккредитациялоонун жыйынтыгын анализдөөдө эксперттер тарабынан эксперттик комиссиянын корутундусу билим берүү уюму жөнүндө маалыматтар, минималдуу талаптарга туура келүүсү же туура келбөөсү, жыйынтык, жакшыртуу боюнча берилген сунуштар абдан тереӊ изилденет.

Комплекстүү анализдин жыйынтыгы болуп төмөнкүлөр саналат:

- аккредитациялоо процессинин жетишкен жана жетишпеген жактарын аныктоо;
- аккредитациялоо процессин жакшыртуу боюнча сунуштарды аныктоо;
- билим берүү уюмдары тарабынан көрсөтүлүүчү билим берүү кызматын жакшыртууга багытталган сунуштарды аныктоо.

## V ГЛАВА. АККРЕДИТАЦИЯНЫН ЖАРАКТУУЛУГУН ТОКТОТО ТУРУУ, КАЛЫБЫНА КЕЛТИРҮҮ ЖАНА ТОКТОТУУ

Ыйгарым укуктуу орган минималдык талаптарга шайкеш келбестиктер аныкталган күндөн тартып 30 жумуш күндүн ичинде билим берүү уюмунун жана программанын аккредитациясынын жарактуулугун токтото туруу жөнүндө чечимди кабыл алат жана аныкталган шайкеш келбестиктерди жоюу үчүн 3 айга чейинки мөөнөттү белгилейт.

Билим берүү уюму тарабынан аныкталган минималдык талаптарга шайкеш келбестиктер жоюлгандыгы жөнүндө билдирилген учурда, ыйгарым укуктуу орган текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча аныкталган шайкеш келбестиктер жоюлган фактыны белгилеген актыга кол коюлган күндөн тартып 30 жумуш күндүн ичинде аккредитациянын жарактуулугун калыбына келтирүү жөнүндө чечимди кабыл алат.

Эгерде билим берүү уюму белгиленген мөөнөттө аныкталган минималдык талаптарга шайкеш келбестиктерди жойбосо же аккредитациянын жарактуулук мөөнөтүнүн ичинде Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы мыйзамдарынын талаптарын кайра бузса, ыйгарым укуктуу орган билим берүү уюмунун жана программанын аккредитациясынын жарактуулугун токтотуу жөнүндө чечим кабыл алат.

Билим берүү уюмунун жана программанын аккредитациясынын жарактуулугун токтотуу жөнүндө чечим аныкталган минималдык талаптарга шайкеш келбестиктер жоюлбаган жана текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы мыйзамдарынын талаптарын кайра бузган фактыны белгилеген актыга кол коюлган күндөн тартып 30 жумуш күндүн ичинде кабыл алынат.

Аккредитациянын жарактуулугун токтото туруу, калыбына келтирүү жана токтотуу жөнүндө чечим ыйгарым укуктуу органдын коллегиясынын чечиминин негизинде ыйгарым укуктуу органдын буйругу менен таризделет.

Ыйгарым укуктуу орган аккредитациянын жарактуулугун токтото туруу, калыбына келтирүү жана токтотуу жөнүндө чечим кабыл алынган күндөн тартып 5 жумуш күндүн ичинде билим берүү уюмуна жазуу жүзүндө кабарлайт.

Билим берүү уюму ыйгарым укуктуу органдын чечимине мыйзам чегинде даттанууга укуктуу.

## VI ГЛАВА. АККРЕДИТАЦИЯЛОО ПРОЦЕДУРАСЫН КАРЖЫЛОО МЕХАНИЗМДЕРИ

Билим берүү уюмдарын аккредитациялоо акы төлөө негизинде жүргүзүлөт. Аккредитациялоого кеткен чыгымдар билим берүү уюмдарынын эсебинен төлөнөт.

Билим берүү уюмдарын жана программаларды аккредитациялоо боюнча ишке тартылган эксперттердин сааттык эмгек акысынын өлчөмү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 19-январындагы № 18 "Билим берүү системасынын кызматкерлеринин айрым категорияларына эмгек акы төлөөнүн жаңы шарттарын киргизүү жөнүндө" токтомунун 1-тиркемесинде аныкталган жалпы билим берүүчү уюмдардын (мектептер жана бардык типтеги жана аталыштагы мектеп-интернаттар) окутуучуларына жана башталгыч кесиптик билим берүү уюмдарынын окутуучуларына саатына карата эмгек акы төлөөнүн деңгээлинде белгиленет.

Иш сапар менен байланышкан чыгымдар Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы № 471 "Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө" токтомуна ылайык белгиленет.

**1-тиркеме**

# ӨЗҮН-ӨЗҮ БААЛОО БОЮНЧА ОТЧЕТТУН ТИПТҮҮ ФОРМАСЫ

**Билим берүү уюмунун толук аталышы**

**Педагогикалык кеңештин чечими**
**№___ «____» _________20___ ж.**

# ӨЗҮН-ӨЗҮ БААЛОО БОЮНЧА ОТЧЕТ

Комиссиянын төрагасы _________________________аты-жөнү, кызматы

Комиссиянын мүчөлөрү:

1. _______________________ аты-жөнү, кызматы
2. _______________________ аты-жөнү, кызматы
3. _______________________ аты-жөнү, кызматы
4. ………

«Комиссиянын курамы тууралуу» буйрук №___ ____ 20______ж.

**Бишкек, 2018**

# 1. КИРИШҮҮ

Киришүүдө төмөнкү маалыматтар берилиши керек:

- ✓ билим берүү уюмун түзүү жана өнүктүрүү тууралуу кыскача тарыхы;
- ✓ билим берүү уюмунун жетекчисинин, анын орун басарларынын, аккредитациялоого жооптуу адамдардын аты-жөнү жана алардын байланыш маалыматтары (телефондор жана e-mail);
- ✓ билим берүү программаларына лицензиялар тууралуу маалыматтар (лицензиялардын көчүрмөлөрүн тиркегиле);
- ✓ билим берүү уюмун/билим берүү программасын аккредитациялоо (аттестациялоо) тууралуу маалыматтар (аккредитациялоо (аттестациялоо) тууралуу сертификаттардын көчүрмөлөрүн тиркегиле);
- ✓ билим берүү уюму ээ болгон сыйлыктар тууралуу маалыматтар (тиешелүү документтердин көчүрмөлөрүн тиркегиле);
- ✓ билим берүү уюмунун ар кандай уюмдарда мүчөлүгү тууралуу маалыматтар (тиешелүү документтердин көчүрмөлөрүн тиркегиле);
- ✓ билим берүү уюмунун дареги, телефондору, факсы, e-mail, веб-сайты.

## 2. МИНИМАЛДЫК ТАЛАПТАРДЫ АТКУРУУНУН АНАЛИЗИ ЖАНА ДАЛИЛДӨӨЛӨРҮ

| № | Өзүн-өзү баалоо үчүн критерийлер | Билим берүү уюмунун өзүн-өзү баалоосу (өзүн-өзү анализдөө) | Далилдөө базасы |
|---|---|---|---|
| **1. Билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясаты** | | | |
| ***Билим берүү уюмунда окумуштуулар же педагогикалык кеңеши бекиткен жана билим берүү уюмунун сайтында жарыяланган, өзүнө миссияны, стратегиялык жана учурдагы пландарды, билим берүү максаттарын, окутуунун натыйжаларын, сапат менеджменти системасын камтыган билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясаты болушу керек*** | | | |
| 1.1 | Билим берүү уюмунун так аныкталган жана кабыл алынган миссиясы, анын негизинде иштелип чыккан жана бекитилген, кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келген стратегиялык жана учурдагы пландарынын болуусу.<br>Билим берүү уюмунун миссиясынын негизинде иштелип чыккан жана кабыл алынган билим берүү максаттарынын жана окутуунун күтүлгүчү натыйжаларынын болуусу; | Билим берүү уюмунун миссиясын, билим берүү максаттарын, күтүлүүчү натыйжаларын көрсөтүңүздөр.<br>Билим берүү уюмунун стратегиялык планы (миссияга шайкеш келген) качан иштелип чыкканын (педагогикалык кеңештин пртоколунун номери) көрсөтүңүздөр.<br>Кандай максаттар коюлган, кандай күтүлүүчү натыйжалар пландаштырылган?<br>Кызыкдар тараптардын кандай талаптары жана күтүлүүлөрү эске алынганын жазыңыздар.<br>Сапатты камсыздоо саясаты качан бекитилгенин (педагогикалык кеңештин пртоколунун номери) көрсөтүңүздөр. | Миссия. Ийгиликтин индикаторлору, жылдар боюнча максаттык көрсөткүчтөр, жооптуу түзүмдөр/адамдар көрсөтүлгөн билим берүү уюмунун бекитилген учурдагы жана стратегиялык пландары.<br>Бекитилген сапатты камсыздоо саясаты (билим берүү уюмунун сайтына көрсөтмөлөр) |
| 1.2 | Жыл сайын стратегиялык жана учурдагы пландардын, билим берүү максаттарынын, окутуунун | Стратегиялык жана учурдагы пландарды аткаруу боюнча процедураларды жана талкуулоолор жүргүзүлгөн күндөрдү, | Мониторинг, анализ, стратегиялык жана учурдагы пландардын |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | натыйжаларынын аткарылышына мониторинг жүргүзүү, аткаруунун натыйжаларын талдоо жана тиешелүү түзөтүүлөрдү киргизүү; | аларды аткаруунун натыйжаларын анализдөөнү жана шайкештүү оңдоолор киргизилгенин (токтомдор, протоколдор, буйруктар ж.б.) көрсөтүңүздөр: кайсы түзүмдөр же ким ар кандай чечимдерди кабыл алган, чечимдерди кабыл алуу процесси кандай уюштурулган? Өтүп кеткен окуу жылындагы маалыматтарды анализдөөнүн негизинде кабыл алынган чечим же оңдоолор боюнча мисал келтириңиздер.<br>Маалыматтарды топтоо жана баалоо механизмдерин сүрөттөп жазыңыздар, стратегиялык максаттардын аткарылышы боюнча анализине бирден мисал келтириңиздер (индикаторлорго ылайыктуу).<br>Билим берүү максаттарына жана окутуунун натыйжаларына жетүүгө мониторинг жүргүзүү кандайча өткөрүлөт?<br>Стратегиялык пландарды жана мурунку окуу жылынын планын аткаруунун натыйжалары кандай?<br>Планга ылайык бардыгы аткарылганбы?<br>Кандай оңдоолор киргизилген жана эмне үчүн? | билим берүү максатттарынын аткарылышы берилген билим берүү уюмунун сайтына көрсөтмөлөр.<br>(же документтердин көчүрмөлөрү: педагогикалык кеңештин токтомдорунун же методикалык кеңештин чечимдеринин, буйруктардын ж.б.). |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1.3 | Билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатын ишке ашырууга, контролдоого жана кайра кароого билим берүү уюмунун жетекчилиги, кызматчылары, окуучулары (студенттери) жана кызыкдар тараптардын катышуусу; | Катышуулардын механизмин сүрөттөп жазыңыздар: кантип катышуучулардын ар бир категориясы билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатын ишке ашырууга, контролдоого жана кайра кароого катышып жатат.<br>Өткөн же учурдагы жылда катышууларга мисал келтириңиздер. | Билим берүү сапатынын системасын ишке ашыруу, контролдоо жана кайра кароо тууралуу маселелерди талкуулоо боюнча жетекчилик, кызматчылар, окуучулар жана башка кызыкдар тараптардын жыйналыштарынын протоколдору (тегерек столдордун, жолугушуулардын, интервьюлардын ж.б.).<br>Сапат системасын ишке ашыруу, контролдоо жана кайра кароодо кызыкдар тараптардын катышуусун жөнгө салуучу уюштуруучулук-буйрутма документтин көчүрмөсү. |
| 1.4 | Билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатын билим берүүнүн сапат менеджментинин документтештирилген | Билим берүү уюмунун сапат менеджментинин системасын сүрөттөп жазыңыздар, сапатты камсыздоо системасы кантип киргизилип жатат: башкаруу | Сапат менеджментинин системасы боюнча ички документтер.<br>Бекитилген «Сапат |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | системасынын жардамы менен киргизүү; | органдары жана түзүмдүк бөлүмдөр кандай ролду аткарып жатышат (педагогикалык кеңеш/окумуштуу кеңеш, камкордук кеңеш, методикалык кеңештер, методикалык уюмдар, кафедралар, ата-энелер комитети, окуучулардын өзүн-өзү башкаруучу органдары), ошондой эле башка кызыкдар тараптар. | менеджментинин системасы боюнча колдонмо» (билим берүү уюмунун сайтына көрсөтмөлөр). |
| 1.5 | Билим берүү уюмунда билим берүүнүн сапат менеджментинин документтештирилген системасынын жардамы менен билим берүү сапатын камсыздоо саясатын киргизүүгө жооптуу адамдардын (кызматтардын) болуусу; | Сапат менеджментинин системасын киргизүүгө жооптуу адамдардын аты-жөнүн, кызматын жана кызмат бөлүмдөрүнүн тизмесин келтириңиздер. | Сапат менеджментинин системасына жооптуу адамдарды бекитүү буйругу (билим берүү уюмунун сайтына көрсөтмөлөр). Сапат менеджментинин системасы тууралуу жобо. |
| 1.6 | Билим берүү уюмунун сайтында жарыяланган жана бардык кызыкдар тараптарга жеткиликтүү билим берүү уюмунун миссиясынын, стратегиялык жана учурдагы пландарынын, билим берүү максаттарынын, окутуунун натыйжаларынын, билим берүүнүн сапат менеджментинин системасынын болуусу. | Миссия, стратегиялык жана учурдагы пландар, билим берүү максаттары, окутуунун натыйжалары жана сапат менеджментинин системасы жарыяланган сайтка көрсөтмө. | Сайттын дареги жана анда көрсөтүлгөн документтердин болушу |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1.7 | Өзүнүн академиялык дараметин жогорулатуу жана академиялык эркиндикти камсыздоо үчүн чараларды көрүү (орто кесиптик билим берүү уюмуна) | Билим берүү уюмунун академиялык дараметти жогорулатуу жана академиялык эркиндикти камсыздоо боюнча ченемдик документтерин же конкретүү иш-аракеттерин көрсөтүңүздөр | Ченемдерди жана эрежелерди бекитүүчү ички документ (же билим берүү уюмунун сайтына көрсөтмө) |
| **Бүтүмдөр:** ушул минималдык талаптар боюнча күчтүү жана алсыз жактарды көрсөтүңүздөр<br>**Сунуштар**: кемчиликтерди жоюу жана тиешелүү аспекттерди жакшыртуу боюнча сунуштарды көрсөтүңүздөр | | | |
| **2. Билим берүү программаларын иштеп чыгуу, бекитүү, мониторинг жүргүзүү жана мезгил-мезгили менен баалоо** | | | |
| ***Билим берүү уюму билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана бекитүү үчүн жол-жоболорго ээ болушу керек. Иштелип чыккан билим берүү программаларынын мазмуну билим берүү уюмунун миссиясына, билим берүү максаттарына, мамлекеттик билим берүү стандарттарына, окуучулардын (студенттердин) жана башка кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык болушу зарыл. Билим берүү программасын өздөштүрүүнүн натыйжасында алынуучу квалификация так аныкталуусу жана кызыкдар тараптарга түшүндүрүлүүсү зарыл*** | | | |
| ***Билим берүү уюму өз максатына жетүүсүн жана окуучулар (студенттер) менен башка кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө жооп берүүсүн кепилдөө жана аныктоо үчүн жумуш берүүчүлөрдү жана башка кызыкдар тараптарды тартып, мезгил-мезгили менен (бир жылда бир) мониторинг жана баалоо жүргүзүүсү зарыл*** | | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 2.1 | Билим берүү уюмунун миссиясы менен дал келген жана мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык так аныкталган билим берүү программасынын билим берүү максаттарынын болуусу; | Аккредитацияланып жаткан билим берүү программаларын келтиргиле.<br>Ар бир аккредитацияланып жаткан программалар боюнча билим берүү максаттарын жазыңыздар.<br>Билим берүү максаттары менен мамлекеттик стандарттардын, кызыкдар тараптардын талаптарына шайкеш келишин бериңиздер.<br>Кызыкдар тараптардын талаптары жана күтүүлөрү кандай эсепке алынаарын жазгыла, билим берүү уюмунун миссиясы, стратегиялык пландары, билим берүү максаттары жана күтүүлүчү натыйжалары менен шайкеш келиши кантип камсыздандырыларын жазыңыздар. | Аккредитацияланып жаткан билим берүү программаларынын тиешелүү процедуралар менен бекитилген окуу пландарынын көчүрмөсү. |
| 2.2 | Кесиптик, өндүрүштүк уюмдардын жана иш берүүчүлөр чөйрөсүндөгү уюмдардын өкүлдөрүнүн катышуусунда иштелип чыккан, эмгек базарын чагылдыруучу жана билим берүү программасынын максаттарына ылайык келген, универсал жана кесиптик терминдер менен баяндалган окутуунун күтүлүүчү натыйжаларынын болуусу; | Кызыкдар тараптардын талаптары жана күтүлүүлөрү кантип эске алынарын жазыңыздар, билим берүү уюмунун миссиясы, стратегиялык пландары, билим берүү максаттары жана күтүүлүчү натыйжалары менен шайкеш келиши кантип камсыздандырылат.<br>Окутуунун күтүлүчү натыйжаларын аныктоодо жана кайра кароодо иш берүүчүлөр кантип катышарын көрсөтүнүздөр. | Окутуунун натыйжалары берилген сабактардын окуу программалары<br><br>Компетенциялардын матрицасы (бүтүрүүчүлөрдүн модели) |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 2.3 | Билим берүү программасы боюнча так аныкталган жана мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык окуу жүктөмүнүн болуусу; | Окуу жүктөмүнүн жана анын типтүү планга же мамлекеттик стандартка шайкеш келишин көрсөтүнүздөр.<br>Орто кесиптик билим берүү уюмдары үчүн кредиттин көлөмүн (семестрдик, жылдык), жалпы окуу жүктөмүн аудиториялык жана студенттердин өз алдынча иштөөсүнө бөлүштүрүүнү көрсөтүнүздөр. | Аккредитацияланып жаткан окуу программаларынын окуу пландарынын көчүрмөсү.<br>Билим берүү программаларын иштеп чыгуу, кайра кароо жана бекитүү процесстерин жөнгө салуучу жоболор |
| 2.4 | Билим берүү программасын өркүндөтүү максатында окуучулар (студенттер) менен иш берүүчүлөрдүн күтүүлөрүн, керектөөлөрүн жана канааттангандыгын мезгил-мезгили менен (бир жылда бир) баалоо; | Билим берүү программасын жакшыртуу максатында окуучулар (студенттер) менен иш берүүчүлөрдүн күтүүлөрүн, керектөөлөрүн жана канааттангандыгын баалоо кантип жүргүзүлөрүн жазыңыздар.<br>Баалоонун кандай механизмдери жана процедуралары бар? Уюштуруучу-буйрутма документтерди мисал келтиргиле. Баалоонун натыйжасында кайсы өзгөртүүлөр окуу пландарына киргизилгенин жазыңыздар. | Баалоонун натыйжалары берилген документтердин көчүрмөсү. |
| 2.5 | Билим берүү программасы менен каралган практикалардын (тааныштыруучу, окутуучу, өндүрүштүк, педагогикалык, дипломдун алдындагы) бардык түрлөрүнөн өтүү үчүн окуу программасында орундарды берүү; | Ар бир билим берүү пограммалары боюнча практикалардын тизмесин бериңиздер.<br>Студенттер практика өтүп жаткан уюмдардын тизмесин бериңиздер.<br>Бардык практикаларды өтүүнү жөнгө салуучу ченемдик документтерди жазыңыздар. | Практикалардын программасы.<br>Уюмдар жана ишканалар менен келишимдердин көчүрмөсү.<br>Практикалар боюнча студенттердин |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Кызыкдар тараптардын катышуусу менен практиканы анализдөө, баалоо жана жакшыртуу кандай жүргүзүлөрүн жазыңыздар. Практикалык окутууну уюштуруу жана өткөрүү боюнча билим берүү уюмунун ишмердигин баалоонун натыйжаларынын негизиндеги жакшыртуулар боюнча чараларга мисалдарды келтириңиздер. | күндөлүгү.<br>Практикалар боюнча отчеттор. Практикалар боюнча билдирүүлөр жана буйруктар.<br>Практиканын сапаттары тууралуу кызыкдар тараптарды сурамжылоонун негизинде даярдалган отчеттор. Практиканы жакшыртуу боюнча кызыкдар тараптардын талаптарын эске алуу менен даярдалган пландар. |
| 2.6. | Актуалдуулугун камсыздоо үчүн илимдин соңку жетишкендиктерин жана технологияларын эске алуу менен конкреттүү дисциплинанын мазмунуна жыл сайын билим берүү уюму менен мониторинг жүргүзүү жана баалоо; | Илим жана технологиянын акыркы жетишкендиктерин эске алуу менен айкын сабактардын мазмунуна анын актуалдуулугун камсыздоо үчүн мониторинг жүргүзүү жана үзгүлтүксүз баалоо кандай жана ким тараптан өткөрүлөрүн жазыңыздар.<br>Окуу пландарына баалоонун натыйжасында кандай өзгөртүүлөр киргизилгенин жазыңыздар. | Баалоонун натыйжасында жаңыртылган сабактардын иш программалары.<br>Методикалык кеңештердин отурумдарынын, иш берүүчүлөр менен жолугуушулардын, кызыкдар тараптарды |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | сурамжылоонун протоколдору. Жакшыртуу боюнча пландар |
| 2.7. | Мониторинг жүргүзүү: | | |
| а | - окутуучулардын (студенттердин) окуу жүктөмүнө, жетишүүсүнө жана бүтүүсүнө; | Окуучулардын окуу жүктөмүнө, жетишүүсүнө жана бүтүүсүнө мониторинг жүргүзүүнүн жана баалоонун мезгилдүүлүгүн, форматын жана процедураларын жазыңыздар.<br>Ички баалоо кандай жүргүзүлөт (ички мониторинг, өзүн-өзү баалоо учурундагы тестирлөө, экзамендер). Өзүн-өзү баалоодо колдонулуп жаткан студенттердин жетишкендиктерин баалоо процедураларын жана куралдарын, баа берүүнүн ченемин жана критерийлерин көрсөтүңүздөр.<br>Уюштуруучу-буйрутмалык документтердин аталыштарын бериңиздер.<br>Акыркы мониторинг жүргүзүүнүн натыйжаларын, анын анализи, бүтүмдөрү, чечимдери менен бериңиздер.<br>Акыркы 5 жылдагы студенттердин бүтүү көрсөткүчтөрүн бүтүмдөрү жана чечимдери менен бериңиздер (динамикасы, жетишкендиктери, кемчиликтери кандай). | Ушул процедура боюнча уюштуруучулук-буйрутма документтердин көчүрмөсү же мониторинг жүргүзүү тууралуу буйрук же жыйынтыктарды талкуулоонун протоколдору.<br>Студенттерди бүтүрүүнүн 5 жылдык көрсөткүчтөрү. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| б | - баалоо жол-жоболорунун натыйжалуулугуна; | Студенттин жүктөмүнө, жетишкендиктерине жана бүтүүсүнө баа берүүнүн натыйжалуулугун баалоо үчүн кандай процедуралар каралганын жазыңыздар. Студенттердин жетишкендиктери менен ЖРТнын көрсөткүчтөрүнө салыштырма анализ жасаңыздар. Баалоонун процедуралары жана куралдары менен билим берүү максаттары жана окутуунун жыйынтыгы кандайча шайкеш келет? Кызыкдар тараптардын катышуусу менен процедуралардын нтайыжалуулугун жакшыртуу жана баалоо кандайча жүргүзүлөт?<br>Алдын-ала жасалган чараларга, ошондой эле жакшыртуу боюнча пландарга мисал келтириңиздер (практиктер менен чогуу баалоо тапшырмаларын иштеп чыгуу, баалоо тапшырмаларын модерациялоо, окутуучуларды баалоо методдоруна окутуу ж.б.) | Ушул баалоо жана мониторинг жүргүзүү процедуралары тууралуу ички акттардын көчүрмөсү. Сурамжылоонун жыйынтыктары (отчеттор, анкеталар, пландар ж.б.) |
| в | - окуучулардын (студенттердин) жана жумуш берүүчүлөрдүн билим берүү программасы боюнча окутуудан күтүүлөрүнө, керектөөлөрүнө жана | Мониторинг кандайча жүргүзүлүп жатканын жазыңыздар: кайсы максаттуу топтор баалоодо катышышат, кайсы методдор колдонулат, жыйынтыктар кандайча колдонулат? Мониторингдин | Баалоонун жана мониторингдин ушул процедурасы тууралуу ички акттардын көчүрмөсү. Студенттер, |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | канааттангандыгына; | негизинде кабыл алынган акыркы мониторингдин натыйжаларынын анализи, бүтүмү, сунуштары, чечимдери менен жазыңыздар. | иш берүүчүлөр үчүн анкеталардын формасы. Баалоонун натыйжасы боюнча отчеттор, кабыл алынган чечимдер (буйруктар ж.б.) |
| г | - билим берүү чөйрөсү менен колдоо кызматтарына жана алардын билим берүү программасынын максаттарына шайкештигине; | Билим берүү чөйрөсүн (физикалык, психологиялык, маалыматтык ж.б.) баалоонун механизмдерин, ошондой эле психологиялык, социалдык, медициналык кызматтардын ишин жазыңыздар. | Баалоонун жана мониторингдин ушул процедурасы тууралуу ички акттардын көчүрмөсү. Баалоонун жана мониторингдин негизинде жакшыртуу боюнча кабыл алынган чаралар жана отчеттор |
| д | - берилүүчү билимдин майнаптуулугун жогорулатуу жана шайкештигин аныктоо максатында бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусун; | Бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусун баалоонун механизмдерин жазыңыздар. Акыркы 5 жылдагы ишке орношуунун көрсөткүчтөрүн жана диаграммасын бериңиздер. Ишке орношууну жакшыртуу боюнча пландар. | Баалоонун жана мониторингдин ушул процедурасы тууралуу ички акттардын көчүрмөсү. Кызыкдар тараптарды сурамжылоонун натыйжалары (анкеталар, отчеттор жана пландар) |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 2.8 | Мониторинг жүргүзүүнү жана мезгил-мезгили менен баалоону өткөрүү үчүн процесстерди жана жооптуу адамдарды (кызматтарды) аныктоо; | Мониторинг жүргүзүүнү жана мезгил-мезгили менен баалоону өткөрүү үчүн процесстерди жана ага жооптуу адамдардын функцияларын жазыңыздар. | Мониторинг жүргүзүү жана баалоо өткөрүү боюнча жооптуу адамдарды бекитүү жөнүндө буйруктун көчүрмөсү. Мониторинг жүргүзүү жана баалоо өткөрүүгө учурдагы жылдын бекитилген планынын көчүрмөсү. Мониторинг жүргүзүү жана баалоо тууралуу жобо. Мониторинг жүргүзүү жана баалоо натыйжалары (отчеттор, чечимдер, протоколдор ж.б.), стратегиялык жана учурдагы пландар |
| 2.9 | Мониторингдин жана мезгил-мезгили менен баалоонун натыйжаларын бардык кызыкдар тараптарды тартуу менен анализдөө, талкуулоо жана аны билим берүү процессин уюштурууну жакшыртуу үчүн пайдалануу; | Мониторингдин натыйжаларынын анализи канчалык тез өткөрүлөт (педагогикалык кеңеш, методикалык кеңеш, ата-энелер комитети, студенттик кеңеш тарабынан). Талкуулоолор кандайча өткөрүлгөн, анда ким катышкан? Тышкы кызыкдар тараптардын билим берүү программаларын анализдөөнүн, баалоонун жана талкуулоонун натыйжаларына мониторинг | Баалоону талкуулоонун протоколдору же протоколдон жазма көчүрмө (2-3 протокол) |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | жүргүзүүнүн процессине катышуу механизмдерин жазыңыздар. | |
| 2.10 | Билим берүү программасын окуу-усулдук камсыздоо билим берүүнүн максаттарына, мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык келүүсү. | Ар бир билим берүү программаларынын окуу-методикалык камсыздалышы менен мамлекеттик стандарттардын, билим берүү максаттарынын жана окутуунун натыйжаларынын шайкештигин жазыңыздар. | Окуу-методикалык китептердин, көрсөтмөлөрдүн тизмеси. Кызыкдар тараптын катышуусу менен (окутуучулардын, студенттердин, бүтүрүүчүлөрдүн ж.б.) окуу-методикалык камсыздалышынын мониторингинин, анализинин жана баалоонун жыйынтыктары |
| **Бүтүмдөр:** ушул минималдык талаптар боюнча күчтүү жана алсыз жактарды көрсөтүңүздөр<br>**Сунуштар**: кемчиликтерди жоюу жана тиешелүү аспекттерди жакшыртуу боюнча сунуштарды көрсөтүңүздөр | | | |
| **3. Инсанга багытталган окутууга жана окуучулардын (студенттердин) жетишүүсүн баалоо** | | | |
| ***Билим берүү уюму өзүнүн билим берүү программаларына инсанга багытталган окутуу процесстерин киргизүүсү зарыл. Билим берүү программаларын ишке ашыруучу усулдар окуучуларды (студенттерди) билим берүү процессин биргелешип ишке ашырууда активдүү аракетке кызыктыруусу зарыл*** | | | |
| 3.1. | Педагогикалык усулдарды, билим берүүнүн формаларын жана технологияларын баалоо жана түзөтүү үчүн окуучулар (студенттер) | Педагогикалык методдорду, билим берүү формаларын жана технологияларды оңдоо үчүн студенттер менен үзгүлтүксүз кайтарым байланыштын кайсы методдору | Уюштуруучулук-буйрутма документтердин көчүрмөсү. Билим берүү |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | менен үзгүлтүксүз өз ара байланышты пайдалануу; | жана процедуралары колдонуларын жазыңыздар.<br>Уюштуруучулук-буйрутма документтердин аталыштарын бергиле.<br>Кызыкдар тараптарды (студенттер, иш берүүчүлөр ж.б.) сурамжылоонун натыйжалары жана алардын анализи. | уюмунун коммуникациялык стратегиясы. Студенттер үчүн анкеталардын формасы<br>(билим берүү уюмунун сайтына көрсөтмөлөр).<br>Сурамжылоонун натыйжалары боюнча отчеттор. Жакшыртуу пландары |
| 3.2. | Баалоочу адамдардын (экзаменаторлордун) окуучунун (студенттин) билимин текшерүүнүн усулдарына ээ болушу жана бул тармакта квалификациясын дайыма жогорулатуусу; | Окутуунун натыйжаларын баалоо процедураларын жазыңыздар.<br>Баалоо методдору менен билим берүү максаттары жана окутуунун натыйжаларынын шайкештигин көрсөтүңүздөр.<br>Билим берүү уюмунда колдонулуп жаткан окутуу натыйжаларын баалоо методдорун жазыңыздар.<br>Бааларды коюунун объективдүүлүгү жана өз убактуулугу жана студенттерди баалоонун жыйынтыктары тууралуу маалымдоо кандай камсыздандырылат?<br>Окутуунун натыйжаларын баалоонун критерийлери жана методдору боюнча окутуучулардын квалификацияларын | Окутуучулар тарабынан баа коюу процедурасы көрсөтүлгөн уюштуруучулук-буйрутма документтер.<br>Кызыкдар тараптардын катышуусу менен мониторинг жүргүзүү, анализдөө, баалоо процедурасына баа берүүнүн жыйынтыгы (отчеттор, анкеталар, кабыл алынган чечимдер).<br>Квалификацияны жогорулатуу боюнча |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | жогорулатуу программаларынын мазмунун келтириңиздер.<br>Ушул тармакта квалификацияларын жогорулаткан окутуучулардын пайызы. | пландар |
| 3.3. | Билим берүү уюму окуучулар (студенттер) жетишүүгө тийиш болгон окутуунун күтүлүүчү натыйжаларына карата адекваттуу жана окуучунун (студенттин) окутуунун пландалган натыйжасына жетишүү деңгээлин көрсөткөн баалоонун чен-өлчөмдөрү менен усулдарын өзүнүн сайтында жарыялоосу | Баалоонун критерийлери жана методдору берилген сайттын дарегин келтириңиздер. | Баалоонун критерийлери жана методдору жайгаштырылган сайт |
| 3.4 | Баалоо жол-жоболорунун жеңилдетүү жагдайларды жана баалоонун натыйжасын апелляциялоонун расмий жол-жобосун камтыган объективдүүлүгүн жана ачык-айкындыгын камсыздоосу | Баалоонун жыйынтыктарын апелляциялоо боюнча расмий процедураларды жана жеңилдетүүчү жагдайларды алдын ала кароочу билим берүү уюмунун кандай принциптери, методдору жана критерийлери объективдүүлүктү жана ачык-айкындыкты камсыз кылат.<br>Билим берүү максаттары жана окутуунун натыйжалары менен баалоонун методдору, критерийлеринин шайкештиги же шайкеш эместиги кантип аныкталат?<br>Процедураларда, баалоо критерийлеринде кемчиликтерди аныктоодо, окутуунун | Ички жобонун көчүрмөсү.<br>Жетишкендиктердин ведомосту (сабактар, курстар, программалар боюнча).<br>Баалоо тапшырмаларын иштеп чыгуу, макулдашуу жана баалоонун натыйжаларын талкуулоо боюнча методикалык уюмдардын, циклдардын |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | жетишкен натыйжаларын объективдүү баалоодо кайсы иш-чаралар ишке ашырылат (окутуучулардын көндүмдөрүн жакшыртуу, программаларды кайрадан кароо, студенттерди консультациялоо жана маалымат берүү ж.б.)? Баалоонун натыйжаларын апелляциялоо процедураларын жана механизмдерин жазыңыздар. Апелляциянын натыйжалары. | ж.б. отурумдарынын протоколдору. Педагогдордун квалификациясын жогорулатуунун пландары. Билим берүү программаларын жаңылоо, кайрадан кароо боюнча тегерек столдордун, методикалык уюмдардын отурумдарынын протоколдору. Баалоочу тапшырмалар (сабактар, курстар, программалар боюнча) |
| 3.5. | Пайдаланылган баалоо жол-жобосу, текшерүүлөрдүн түрлөрү (экзамендер, зачеттор, дипломдук ишин коргоо ж.б.), окуучуларга (студенттерге) карата талаптар, алардын билимин баалоонун колдонулуучу чен-өлчөмдөрү боюнча окуучуларга (студенттерге) толук маалымат берүү; | Баалоонун процедуралары, текшерүүлөрдүн түрлөрү (экзамендер, зачеттор, дипломдук ишин коргоо ж.б.), студенттерге коюлган талаптар, колдонулуп жаткан баалоо критерийлери тууралуу студенттер кантип маалымат алышарын жазыңыздар. | Сайт, студенттер үчүн маалыматтык такталар ж.б. |
| 3.6. | Окуучуларды (студенттерди) тандап алуу себептерин талдоо жана | Тандап алуу боюнча, тандап алуунун себептерин талдоо боюнча маалыматтарды | Студенттерди тандап алуу тууралуу маалымат |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | алардын жетишүүсүн жогорулатуу жана окуучулардын (студенттердин) бекемделүүсү боюнча чараларды көрүү; | келтириңиздер (акыркы 5 жылга), кабыл алынган чаралар. | |
| 3.7 | Окуучулардын (студенттердин) даттануууларына чара көрүүнүн иштеп чыгарылган жана колдонууга киргизилген жол-жоболорунун болуусу. | Процедураны жана аларды жүргүзүүнүн негизиндеги документти көрсөтүңүздөр. Процессти жана натыйжаларды, даттанууларды кароонун процессин жакшыртуу боюнча пландар. | Ички акттардын көчүрмөлөрү. Кызыкдар тараптарды сурамжылоонун натыйжалары. Кабыл алынган чечимдер |
| 3.8. | Билим берүү уюму окутуунун сапатын жогорулатуу максатында инновациялык окуу-усулдук ресурстарды, педагогикалык усулдарды, формаларды жана технологияларды колдонуу (орто кесиптик билим берүү үчүн) | Билим берүү уюмунда кандай инновациялык окуу-методикалык ресурстар бар экендигин жазыңыздар. Кандай педагогикалык методдор жана технологиялар окуу процессинде колдонуларын жазыңыздар. Билим берүү уюмунда кайсы ички актарды колдонуларын жазыңыздар. | Инновациялык окуу-методикалык ресурстардын тизмеси. |
| 3.9. | Билим берүү уюмунун окуучулардын (студенттердин) ар кыл топторунун керектөөлөрүн аныктап жана аларды кошумча курстар, факультативдер, ийримдер аркылуу канааттандыруусу (орто кесиптик билим берүү үчүн) | Кошумча курстар, факультативдер, ийримдердин тизмесин бергиле. Алардын сааттык көлөмү, максаттары, үзгүлтүксүз өткөрүлүшү. Мындай курстарга катышып жаткан студенттердин жана топтордун саны. | Кошумча курстардын, факультативдердин, ийримдердин программаларынын көчүрмөсү. Талаптарды аныктоо боюнча сурамжылоонун натыйжалары |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Бүтүмдөр:** ушул минималдык талаптар боюнча күчтүү жана алсыз жактарды көрсөтүңүздөр<br>**Сунуштар**: кемчиликтерди жоюу жана тиешелүү аспекттерди жакшыртуу боюнча сунуштарды көрсөтүңүздөр | | | |
| **4. Окуучуларды (студенттерди) кабыл алуу, билим берүүнүн натыйжаларын таануу жана окуучулардын (студенттердин) бүтүрүүсү** | | | |
| ***Билим берүү уюму мурдатан аныкталган, өзүнүн сайтында жарыяланган жана ырааттуу колдонулган окуучуларды (студенттерди) кабыл алууну, билим берүүнүн натыйжаларын таануу жана окуучулардын (студенттердин) бүтүрүп чыгышын жөнгө салуучу эрежелерге ээ болушу зарыл*** | | | |
| 4.1 | Окуучуларды (студенттерди) тандап алуунун жана кабыл алуунун калыс жана туура усулдары менен жол-жоболорун колдонуу, ошондой эле потенциалдуу окуучулардын (студенттердин) тапшыруусу үчүн негизсиз тоскоолдуктарды болтурбоо; | Студенттерди тандап алуу жана кабыл алуу процедураларын аныктоочу билим берүү уюмунун Уставынын бөлүмдөрүн, пункттарын, ички актарды (биринчи кабыл алууда жана башка билим берүү уюмунан которулуп келгенде) белгилеңиздер.<br>Колдонулуп жаткан тандап алуу методдорун санап чыгыңыздар жана жазыңыздар. | «Студенттерди кабыл алуу тартиби» аттуу билим берүү уюмунун ички актынын көчүрмөсү. |
| 4.2 | Окуучуларды (студенттерди) кабыл алуу эрежелерин, процессин жана чен-өлчөмдөрүн ачык-айкын ырааттуу колдонуу; | Бул процедура негизделген документтерди көрсөткүлө. Кабыл алуунун критерийлерин бергиле. Категориялар боюнча студенттердин санынын акыркы 5 жылдагы статистикалык маалыматтарын бериңиздер. | Ички акттын көчүрмөсү. |
| 4.3 | Окуучулар (студенттер) тандап алган билим берүү траекториясы, ошондой эле академиялык мобилдүүлүк программалары жана карьералык | Бул процедура негизделген документтерди көрсөткүлө. Процедура тууралуу жазгыла. Билим берүү программалары боюнча жана жылдар боюнча студенттердин | Ички акттын көчүрмөсү. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | мүмкүнчүлүктөр боюнча толук жана өз учурунда маалымат жана консультация алуусу; | мобилдүүлүгүнүн санын көрсөткүлө. | |
| 4.4 | Окуучулардын (студенттердин) академиялык жетишкендиктери жөнүндө маалыматтын негизинде жыйноо, мониторинг жүргүзүү жана андан аркы иш-аракеттер үчүн так жол-жоболор менен инструменттердин болушу; | Процедура тууралуу жазгыла. Куралдарын көрсөткүлө. | Ички акттын көчүрмөсү |
| 4.5. | Билим берүү уюму окуучунун (студенттин) окутуунун күтүлгөн натыйжаларына жетишүүсү жана анын академиялык мобилдүүлүгүнө шарт түзүү үчүн квалификацияларды жана мурдагы окуган мезгилдерин объективдүү таанууну камсыздоосу; | Мурдагы квалификацияларын, билим берүү деңгээлин таануу процедураларын жазыңыздар.<br>Бул процедураны ким аткарарын жазыңыздар. | Ички акттын көчүрмөсү.<br>Буйруктар.<br>Бири-бирине өткөн окуу пландар, өздүк окуу пландары |
| 4.6. | Билим берүү уюму билим берүү программасы боюнча окууну бүткөн жана окутуунун күтүлгөн натыйжаларына жеткен окуучулардын (студенттердин) алган квалификациясын, анын ичинде алган билиминин натыйжаларын, ошондой эле алынган билимдин мазмунун жана статусун тастыктаган документ менен, ошондой эле | Акыркы 5 жылдагы бүтүрүүчүлөрдүн саны боюнча, аларды жыйынтыктоочу аттестацияга киргизүү боюнча статистикалык маалыматтарын жазыңыздар. Билим берүү документтерин берүү боюнча билим берүү уюмунун Уставынын бөлүмдөрүн, пункттарын белгилеңиздер.<br>Бүтүрүүчүлөрдүн саны тууралуу статистикалык маалыматтарды бериңиздер. | Билим берүү документтерин берүү жана аттестацияга жол берүү боюнча акыркы өтүп кеткен жылдагы педагогикалык кеңештин протоколунун көчүрмөсүн тиркегиле, мамлекеттик аттестациялык |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | окууну аяктагандыгы жөнүндө күбөлүк менен камсыздоосу. | | комиссиянын программаларынын көчүрмөсүн тиркегиле |
| **Бүтүмдөр:** ушул минималдык талаптар боюнча күчтүү жана алсыз жактарды көрсөтүңүздөр<br>**Сунуштар**: кемчиликтерди жоюу жана тиешелүү аспекттерди жакшыртуу боюнча сунуштарды көрсөтүңүздөр | | | |
| **5. Окутуучулук жана окутуучу-көмөкчү курам** | | | |
| ***Билим берүү уюму окуучулар (студенттер) менен иштөө үчүн кесиптик тажрыйбасы бар компетенттүү персоналга ээ болушу зарыл. Окутуучулар окутуучу предметти толук жакшы билүүгө жана түшүнүүгө, окуу процессинде билимди натыйжалуу берүү үчүн, ошондой эле алардын окутуусунун сапаты боюнча кайра байланышты түзүү үчүн керектүү ыкмаларга жана тажрыйбага ээ болушу зарыл*** | | | |
| 5.1 | Билим берүү уюмунун окутуучулук жана окутуучу-көмөкчү курамды жумушка кабыл алуунун, кызматтан жогорулатуунун Кыргыз Республикасынын эмгек боюнча мыйзамына жараша ачык-айкын жана объективдүү чен-өлчөмдөрүнүн пайдаланышы; | Окутуучулук жана окутуучу-көмөкчү курамды жумушка кабыл алууну, кызматтан жогорулатууну жөнгө салуучу ченемдик-укуктук акттарды жана процедураларды көрсөтүңөздөр. Административдик, окутуучулук, окутуучу-көмөкчү курамды жумушка кабыл алууда кандай эрежелер жана критерийлер колдонулат? Кызматкерлерди кызматтан жогорулатуу процедуралары. Окутуучулук, окутуучу-көмөкчү курамдын ишмердигин анализдөө жана баалоо тууралуу жана макулдашуулукту (адекваттуулукту) жакшыртуу боюнча көрүлгөн чараларды жазыңыздар. | Билим берүү уюмунун адамдык ресурстарды башкаруу стратегиясы. Адамдык ресурстарды башкаруу тууралуу жобонун көчүрмөсү. Билим берүү уюмунун кызматкерлеринин кызматтык инструкциялары. Квалификацияны жогорулатуу пландары. Кызыкдар тараптарды сурамжылоонун натыйжалары (протоколдор, отчеттор) |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 5.2. | Окутуучулук жана окутуучу-көмөкчү курамдын квалификациясы, билими жана тажрыйбасы ишке ашырылып жаткан билим берүүчү программага жана билим берүү процессинин талаптарына ылайыктуугу; | Комплекттештирүүнүн, сапаттык курамдын шайкеш келүүсүн анализдөө. Сандык жана сапаттык курамдын мамлекеттик стандарттарга жана минималдык талаптарга жооп бериши. Штаттык жана айкалыштырып иштеген окутуучулардын саны. | Окутуучулардын жана окутуучу-көмөкчү курамдын тизмеси. Сурамжылоонун натыйжалары. |
| 5.3. | Билим берүү уюмунун окутуучуларды тандоо, мотивациялоо жана бекемдөө үчүн, ошондой эле изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн шарттарды түзүүсү; | Окутуучуларды тандоо, мотивациялоо жана бекемдөө үчүн, ошондой эле изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн шарттарды жазыңыздар. Мисал келтириңиздер. | Ички акттын көчүрмөсү. |
| 5.4. | Окутуучулардын билим берүү программасына, мамлекеттик билим берүү стандарттарына, эмгек рыногунун керектөөлөрүнө ылайык келүүчү жана билим берүүнүн сапатын жогорулатууга шарт түзүүчү окуу куралдарынын, окуу китептеринин үстүнөн иштөөсү; | Окуу куралдарын, окуу китептерин жарыкка чыгаруу процедурасы. Жарыкка чыгаруунун пландары, алардын мамлекеттик стандарттарга, эмгек рыногунун талаптарына шайкеш келиши. Акыркы 5 жылдагы пландарды аткаруунун анализи. | Жарыкка чыгарылган методикалык материалдардын тизмеси. |
| 5.5. | Билим берүү уюму тарабынан иштелип чыккан, окутуучулук жана окутуучу-көмөкчү курамдын квалификациясын жогорулатуучу реалдуу пландарынын болушу; | Окутуучулук жана окутуучу-көмөкчү курамдын квалификациясын жогорулатуунун системасын жазыңыздар. Квалификациясын жогорулатууга жооптуу адам (түзүм). | Ички акттын көчүрмөсү. |
| 5.6. | Окутуучулук жана окутуучу-көмөкчү курамдын | Билим берүү уюмундагы үзгүлтүксүз кесипкөйлүктү өнүктүрүүнүн системасын | Билим берүү уюмунун стратегиялык планы |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | квалификациясын жогорулатуунун туруктуу иштөөчү, кесиптик жактан өнүгүүгө жана өзүнүн ишинин чөйрөсүндө дайыма маалымдуу болууга мүмкүн берген системасынын болушу; | жана квалификацияны жогорулатууга, кесипкөйлүктү өнүктүрүүгө райондук/ шаардык/облустук/улуттук деңгээлдерде педагогдордун катышуусу.<br>Жаш адисти үйрөтүү системасы.<br>Кыска мөөнөттүк тренингдерге, семинарларга, конференцияларга катышуусу.<br>План боюнча акыркы 5 жылдагы квалификацияны жогорулатуу (педагогдордун %)<br>Дистанттык, онлайн курстар.<br>Система канчалык педагогдордун, администрациянын, окутуучу-көмөкчү курамдын кесиптик үзгүлтүксүз өнүгүүсүн камсыздандырарын анлизденизздер.<br>Педагогикалык жамааттын канча пайызы кесиптик өнүгүүнүн формалдуу эмес ыкмаларына тартылган (катышуу пайызын көрсөтүңүздөр, ошондой эле план боюнча курстарга/формалдуу квалификацияны жогорулатууга 5 жылдык катышуу көрсөткүчтөрүн бериңиздер). Билим берүү уюмунда колдонулуп жаткан кесиптик өнүгүүнүн мотивациялоо жана өбөлгөлөө механизмдерин көрсөтүңүздөр. Билим берүү уюмунун стратегиялык планынын | (кесиптик өнүктүрүү боюнча бөлүгү) |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | педагогдордун кесиптик өнүгүүсүнө багытталган пунктун белгилеңиздер. | |
| 5.7. | Окутуучуларды инновациялык билим берүү усулдарына жана технологияларына мезгилдүү окутууга шарт түзүүсү. | Билим берүү уюмунда окутуучуларды инновациялык билим берүү методдоруна жана технологияларына мезгилдүү окутууга кандай шарттар түзүлгөн? Натыйжалары кандай? | Фото материалдар. |
| 5.8. | Окутуу менен илимий изилдөөлөрдүн ортосундагы байланышты чыңдоо, окутуунун инновациялык усулдарын киргизүү, алдыңкы технологияларды колдонуу үчүн илимий ишке кызыктыруу системасынын болушу (орто кесиптик билим берүү уюмдары үчүн). | Окутуучулардын илимий ишмердигине демилге берүү системасын жазыңыздар. Демилге берилген окутуучулардын тизмеси. Илимий изилдөө иштерине тартылган жана демилге берилген окутуучулардын пайызы. | Ички акттын көчүрмөсү. |
| **Бүтүмдөр:** ушул минималдык талаптар боюнча күчтүү жана алсыз жактарды көрсөтүңүздөр<br>**Сунуштар**: кемчиликтерди жоюу жана тиешелүү аспекттерди жакшыртуу боюнча сунуштарды көрсөтүңүздөр | | | |
| **6. Материалдык-техникалык база жана маалымат ресурстары** | | | |
| ***Билим берүү уюму жетиштүү, жеткиликтүү жана билим берүү максаттарына ылайыктуу материалдык-техникалык жана маалымат ресурстарына ээ болушун кепилдөөсү зарыл*** | | | |
| 6.1 | Окуучулардын (студенттердин) ар кыл топторун, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарды керектүү материалдык ресурстар менен (китепкана | Билм берүү уюмунун материалдык ресурстары жана алардын студенттер үчүн жеткиликтүүлүгү боюнча жалпы маалымат бериңиздер. Мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн кандай шарттар каралганын | Материалдык-техникалык база тууралуу маалымкат (маалымкатка фотоматериалдарды |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | фонддору, компьютердик класстар, окуу жабдуулары, башка ресурстар) менен камсыздоо; | белгилеңиздер.<br>Билим берүү уюмунун материалдык-техникалык базасынын жана маалыматтык ресурстардын окутуу пргораммасына шайкеш келишин кызыкдар тараптардын кызыкчылыгын эске алуу менен жасалган анализди келтириңиздер. | тиркесе болот).<br>Кызыкдар тараптарды сурамжылоонун натыйжалары, жакшыртуу боюнча пландар. |
- окутуунун натыйжаларын баалоонун жыйынтыктары жана баалоонун критерийлери, ыкмалары жөнүндө кызыкдар тараптарды жана окуучуларды маалымдоо ыкмаларын жана механизмдерин аныктоо;
- окутуунун натыйжаларын баалоонун жыйынтыктары жана баалоонун критерийлери, ыкмалары жөнүндө кызыкдар тараптарга маалымат жеткирүү максатында билим берүү уюмунун коммуникациялык стратегиясын жана билим берүү программалары боюнча окутуунун

натыйжаларын баалоо системасын жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.

Билим берүүнүн катышуучуларына билим берүү уюму көрсөткөн кызматтардын сапаты менен канаатангандыгынын даражасын аныктоо максатында билим берүү процессинин катышуучуларын сурамжылоо жүргүзүлөт.

## 2. Билим берүү уюмунун студенттерин окутуунун натыйжаларын баалоонун тартиптери

Студенттерди окутуунун натыйжаларын баалоо үчүн билим берүү уюмунун/билим берүү программасынын окутуунун пландаштырылган жыйынтыктарын жана билим берүү максаттарын, Мамлекеттик билим берүү стандартын эске алуу менен окуу предметтеринин жана дисциплиналардын тизмеси билим берүү уюму тарабынан аныкталат. Сабактардын саны үчтөн кем эмес болушу керек, алар окуу пландын кесиптик дисциплиналардын блогунан тандалып алынат (окулуп бүткөн окуу курсу болушу зарыл).

Баалоо инструменттеринин формасын жана мазмунун билим билим берүү программанын/билим берүү уюмунун күтүлүүчү натыйжаларын жана билим берүү максаттары менен макулдашылгандыгын жана баалоо процедурасынын объективдүүлүгүн, айкындуулугун камсыз кылуу үчүн баалоонун тиешелүү критерийлерин жана ыкмаларынын колдонуусу менен билим берүү уюмунун чечими менен студенттерди окутуунун натыйжаларын баалоо ар кандай форматта өткөрүлөт.

## 3. Студенттерди окутуунун натыйжаларын баалоо боюнча билим берүү уюмунун функциялары

Окуучулардын даярдоосун уюштуруу жана аларды окутуунун натыйжаларын баалоону өткөрүү билим берүү уюмунун жетекчисине жүктөлөт.

Билим берүү уюму өзүн-өзү баалоо жүргүзүү мезгилинде окуу жыйынтыктарын баалоону өткөрөт. Баалоо тапшырмаларынын мазмуну билим берүү уюму тарабынан билим берүү программаларынын, билим берүү уюмдарынын пландаштырылган окутуу жыйынтыктарына жана билим берүү максаттарына, Мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык түзүлөт.

Баалоонун критерийлери өткөрүү процессинин анализи жана баалоо, окутуунун натыйжаларын баалоонун жыйынтыктары билим берүү уюму өзүн-өзү баалоо боюнча комиссия тарабынан өткөрүлүп отчетто көрсөтүлөт.

Окутуунун натыйжаларын баалоо үчүн билим берүү уюму:

- предметтин, курстун, группанын, окутуунун натыйжаларын баалоого катышкан студенттердин санын аныктайт;
- студенттерди каттоо барагын даярдайт;
- студенттерди окутуунун натыйжасын баалоого даярдайт;

- окутуунун натыйжасын баалоого студенттердин катышуусун уюштуруп, камсыз кылат;

- окуу программасына ылайык келген баалоо тапшырмаларынын комплектин даярдайт (билим берүү максаттарына жана пландаштырылган окутуунун натыйжасына);

- белгиленген мөөнөттө окутуунун натыйжасын баалоо үчүн керектүү имарат даярдайт;

- окутуунун натыйжасын баалоону уюштуруу жана байкоо максатында билим берүү уюму боюнча жооптуу адамды дайындайт;

- байкоочулардын тизмесин бекитет.

- окутуунун натыйжасын баалоонун мөөнөттөрүн жана жалпы тартибин аныктайт;

- баалоо процедураларын, критерийлердин кемчиликтерин жана алсыз жактарын, билим берүү программасын (ресурстар, процесстер) ишке ашырууда кемчиликтерин аныктоо үчүн билим берүү программаларынын, билим берүү уюмдарынын пландаштырылган окутуу жыйынтыктарына жана билим берүү максаттарына ылайыктуулугуна окутуунун натыйжасын баалоо критерийлерин, процедураларын анализдөөнү жана баалоо жүргүзөт;

- билим берүү уюмунун окутуунун натыйжасын баалоо системасын жакшыртуу боюнча, кызыкдар тараптарга баалоо тартиптери жана окутуунун натыйжасын баалоонун жыйынтыктары жөнүндө маалымат жеткирүү боюнча сунуштамаларын иштеп чыгат;

- окутуу натыйжаларын баалоонун жыйынтыгын анализдөө жана баалоо учурунда купуялуулукту жана объективдүүлүктү камсыз кылат;

- өзүн-өзү баалоо боюнча корутундусунда окутуунун натыйжаларын баалоонун жыйынтыктарын камсыз кылат.

## 4. Билим деңгээлин баалоону өткөрүүнүн тартиби

Окутуунун натыйжаларын баалоого жогорку курстун студенттери катышат.

Студенттер өзүн-өзү баалоо боюнча комиссиянын көрсөтмөсү боюнча баалоо тапшырмаларын аткарууга киришет.

Окутуунун натыйжаларын баалоону өткөрүү учурунда студентке индивидуалдык жумушчу орду жана индивидуалдуу тапшырмалар берилет.

Студенттер комиссиянын көрсөтмөлөрүн так аткарууга милдеттүү. Суйлөшүүгө, ордунан турууга, орун алмаштырууга, тапшырмалар менен алмашууга тыюу салынат.

Студенттерге жанында уюлдук телефондордун, башка техникалык каражаттардын, жазуу жүзүндөгү тапшырмалардын болуусуна таптакыр тыюу салынат. Көрсөтүлгөн талаптар бузулса, студент аудиториядан чыгарылышы мүмкүн, бул жөнүндө протокол түзүлүп, өзүн-өзү баалоо боюнча комиссия тарабынан кол коюлат.

Окутуунун натыйжаларын баалоо процедурасы бүткөн соң студенттер өзүнүн жооп баракчаларын комиссияга чечим чыгарууга тапшырышат.

Студенттердин иштери окутуунун натыйжаларын баалоонун жыйынтыктары менен өзүн-өзү баалоо боюнча комиссияга анализ жана баалоо өткөрүү үчүн тапшырылат.

## 5. Билим берүү процессинин катышуучуларын сурамжылоонун тартиби

Билим берүү процессинин катышуучуларын сурамжылоо төмөнкү формага ылайык өткөрүлүшү сунушталган. Өзүн-өзү баалоо боюнча комиссия сурамжылоонун катышуучуларын тандап алууну өткөрөт, кызыкдар тараптардын (окуучулар, бүтүрүүчүлөр, иш берүүчү жана кызматкерлер) арасынан сурамжылоо өткөрүүнүн графигин түзөт. Кызыкдар тараптарды он-лайн же көчмө форматта сурамжылоого жол берилет.

Комиссия сурамжылоого катышуучу адамдарга көрсөтмө берет, анкеталарды таратып, тапшырмалардын формулировкалары жана сурамжылоону уюштуруу боюнча анкета толтуруу учурунда жаралган суроолорго жооп берет.

Сурмажылоонун аягында комиссия анекталарды чогултуп, жоопторун анализдеп, жыйынтыктарын жалпылап натыйжасын чыгарат, алар билим берүү уюмунун белгиленген аспекттери, жакшыртуулар боюнча сунуштамалар жана жыйынтыктарды камтыган өзүн-өзү баалоо боюнча отчетунда көрсөтүлөт.

## 6. Сурамжылоонун жана окутуунун натыйжаларын баалоонун жыйынтыктарынын анализи

Окутуунун натыйжаларын баалоонун жыйынтыктары билим берүү уюму тарабынан сунушталган баалоонун критерийлери жана ыкмалары боюнча ишке ашат, кабыл алынган чечимдердин жана баалоо процедурасынын айкындуулугун, объективдүүлүгүн камсыз кылган билим берүү максаттарына жана окутуунун пландаштырылган натыйжаларына баалоонун критерийлеринин жана ыкмаларынын ылайыктуулугу (салыштыруусу) алардын негиздемеси болуп эсептелинет.

Окутуунун натыйжаларын баалоонун жыйынтыктары өзүн-өзү баалоо боюнча отчетко киргизилет.

Сурамжылоонун жыйынтыктары боюнча өзүн-өзү баалоо комиссиясы ар бир жоопко баалоо критерийлери боюнча баа берет: «жогорку», «орто» же «төмөн». Өзүн-өзү баалоо боюнча комиссия сурамжылоонун жыйынтыктарын баалоону, анализин өткөрүп, андан соң билим берүү уюмунун күчсүз жак деп эсептелген билим берүү уюмунун/билим берүү программасынын аспектерин жакшыртуу боюнча сунуштамаларды иштеп чыгат.

**ОКУУЧУЛАР ҮЧҮН АНКЕТАНЫН ФОРМАСЫ**

| | |
|---|---|
| **Предметтерди (дисциплиналар, курсттар) окутууну окуучулар тарабынан баалоо**<br>Урматтуу студент (окуучу),<br>Бул предмет боюнча Сиз берген баа окутуучу үчүн пайдалуу сунуштарды берүү үчүн керек. Сураныч, төмөндө көрсөтүлгөн пикирлер менен макул же макул эмес экениңизди белгилеп кетиңиз. Сиздин жооп купуя болот. Сурамжылоого катышып бергениңизге ыраазычылыгыбызды билдиребиз. | |
| **Сабактын аталышы:** | |
| **Окутуучу/лектордун/сабактын толук аты-жөнү:** | |
| **Күнү:** | |

«√» белгиси менен белгиле

| | Макулмун | Макул эмесмин |
|---|---|---|
| 1. Предмет боюнча тапшырмаларды дайыма аткарам | | |
| 2. Предмет боюнча сабактарга катышуу мага кызыктуу | | |
| 3. Түзүлгөн расписание менин керектөөлөрүмө туура келет | | |
| 4. Мен бул предмет боюнча ар кандай иш-чараларга активдүү катышам | | |
| 5. Окутуучу сабакка өз убагында келет | | |
| 6. Окутуучу окутуунун интерактивдик ыкмаларын жана каражаттарын колдонот (ролдоштурулган оюн, кейс-стади, долбоор, МКТ) | | |
| 7. Окутуучу менин ишимди объективдүү баалайт | | |
| 8. Окутуучунун окуу куралдары маңыздуу жана көрүнүктүү | | |
| 9. Окутуучу материалды жеткиликтүү баяндап берет | | |

| |
|---|
| **Окуучулардын канааттангандыгынын деңгээлин изилдөө**<br>Урматтуу окуучу! Бул изилдөөнүн максаты билим берүү уюму тарабынан көрсөтүлгөн кызмат тууралуу Сиздин пикириңизди билүү. Окуучулардын ой-пикирлери билим берүү уюму тарабынан көрсөтүлгөн кызматтарын жакшыртууга багытталат. Бул билим берүү уюмунда биринчи күндөн баштап өзүңүздүн тажрыйбаңызды эстөөңүздү суранабыз. Сураныч, төмөндө көрсөтүлгөн пикирлер менен макул же макул эмес экениңизди белгилеп кетиңиз.<br>Сиздин жооп купуя болот.<br>Сурамжылоого катышып бергениңизге ыраазычылыгыбызды билдиребиз. |

| | |
|---|---|
| **Окуп жаткан программанын аталышы:** | |
| **Сурамжылоонун күнү:** | |

«√» белгиси менен белгиле

| | Макулмун | Макул эмесмин |
|---|---|---|
| 1. Мен ар кандай суроолор боюнча (жеке, кесиптик) администрация менен жеңил байланышам | | |
| 2. Мен студенттик кеңешмеде керектүү маалыматты жеңил эле алам | | |
| 3. Керектүү материалдык-техникалык жана маалымат ресурстары мага жеткиликтүү жана коопсуз (жабдуулар, сайт, билим порталы, компьютердик техника, лабораториялар, устакана, аудитория ж.б.) | | |
| 4. Расписание менин керектөөлөрүмдү эске алуу менен түзүлгөн | | |
| 5. Ашкананын, жатакананын шарттары мага жагат | | |
| 6. Окутуучулардын көпчүлүгү материалды жеткиликтүү баяндап берет | | |
| 7. Окутуучулардын көпчүлүгү кошумча жумушту кантип аткаруу керек экендигин жеткиликтүү түшүндүрүп берет (СӨИ, контролдук жана лабораторудук тапшырма ж.б.). | | |
| 8. Окутуучулрдын көпчүлүгү кеңеш алуу жана суроо берүүгө студенттер үчүн жеткиликтүү | | |
| 9. Окутуучулар жана студенттердин ортосундагы мамилелер ар дайым сый | | |
| 10. Окутуучулардын көпчүлүгү студенттердин кызыкчылыктарын жана мотивациясын өнүктүрүү үчүн окутуунун интерактивдик ыкмаларын колдонушат | | |
| 11. Окутуучулардын көпчүлүгү менин окуудагы | | |

| | | |
|---|---|---|
| иш-аракеттеримди объективдүү баалашат | | |
| 12. Аудиториядан тышкары иш-чаралар аркылуу мен өзүмдүн коммуникативдик көнүгүүлөрүмдү өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүгүм бар | | |
| 13. Өндүрүштүк практикада мен өзүмө жетишерлик кесиптик көндүмдөргө ээ болдум | | |
| 14. Мен өзүмдү карьера борборунун жана билим берүү уюмунун башка кызматтарынын жардамы менен атаандаштыкка жөндөмдүүмүн деп эсептейм | | |
| 15. Аталган билим берүү уюмунун көрсөткөн кызматтарына жалпысынан канааттанам | | |

**БҮТҮРҮҮЧҮЛӨР ҮЧҮН АНКЕТАНЫН ФОРМАСЫ**

**Бардык респонденттер**

| | |
|---|---|
| **1. Толук аты-жөнү** | |
| **2. Шаар/Сиз жашаган калктуу конуш** | |
| **3. Электрондук дарек** | |
| **4. Уюлдук телефондун номери** | |
| **5. Билим берүү тармагы** | |
| **6. Сиз бүтүргөн билим берүү программанын аталышы** | |
| **7. Билим берүү уюмунун аталышы** | |
| **8. Окууну бүткөн жыл** | |

**Бардык респонденттер** «√» белгиси менен белгиле

| | | |
|---|---|---|
| **9. Азыркы убакта эмне менен алектенесиз?** | Эмгек маянасы менен жумушта толук күн иштөө менен | |
| | Жарым-жартылай/толук эмес күн иштөө | |
| | Регулярдуу эмес/мезгилдүү жумуш | |
| | Өз алдынча иштөө | |
| | Окууну улантуу | |
| | Иштебейм жана жумуш издөөдөмүн | |
| | Иштебейм жана жумуш издебейм | |

**ЭГЕРДЕ ИШТЕСЕҢИЗ**

| | |
|---|---|
| **10. Алган кесибиңиз боюнча иштейсизби?** | Ооба ☐ Жок ☐ |

| | | |
|---|---|---|
| **11. Сиз кайсы жакта иштейсиз?** | Үйдө ☐<br>Уюмда ☐ | |
| **12. Бир айлык эмгек акыңыз канча?** | Канааттандырат | |
| | Канааттандырбайт | |

**ЭГЕР ИШТЕБЕСЕҢИЗ**

| | | |
|---|---|---|
| **13. Кантип өзүңүздү багасыз?** | Менин өнөктөшүм иштейт | |
| | Мени үй-бүлөм колдоп турат | |
| | Кирешенин башка булактары | |

**БАРДЫК РЕСПОНДЕНТТЕР**

| | |
|---|---|
| 14. Өзүңүз тандаган билимиңизди туура тандап алдым деп эсептейсизби? | ☐ Ооба<br>☐ Жок, башка тармакта билим алсам болмок экен |
| 15. Окуу учурунда алган кайсы билимиңиз, көндүмдөр жана компетенттүлүктөр Сиз үчүн пайдалуу болду? | |
| 16. Кайсы билимге жана көндүмдөргө Сиз окуу учурунда ээ болушуңуз керек эле, бирок алган жоксуз? | |
| 17. Окуу учурунда алган кайсы билимиңиз, көндүмдөр Сиз үчүн пайдасыз/кереги жок болду? | |

**7. Билим берүү процессинин катышуучулары менен интервью жүргүзүүнүн тартиби**

Интервью эксперттик комиссиянын мүчөлөрү тарабынан тышкы баалоо өткөрүү учурунда жүргүзүлөт. Бул процесс далилдөөлөрдүн баалуу булагы катары эсептелип жана иш жүзүндөгү маалыматтарды топтоого багыт берет.

Билим берүү процессинин катышуучулары менен интервью жүргүзүү катышуучулардын, өткөргөн күндү жана ордун аныктоо менен тышкы баалоо программасына киргизүү менен расмий түрдө уюштурулушу керек.

Интервьюнун катышуучулары билим берүү уюмунун жетекчилери, окуучулар, бүтүрүүчүлөр, ата-энелер, окутуучулар, социалдык өнөктөшөр ж.б. болот. Интервьюну биринчи кезекте окуучулар, жумуш берүүчүлөр, бүтүрүүчүлөр менен, андан кийин окутуучулар жана жетекчилик менен жүргүзүү сунушталат.

Интервьюдагы көтөрүлгөн суроолор башка булактардан алынган фактын негизиндеги маалыматтар менен аныкталышы керек (триангуляция ыкмасы). Ушуну менен бирге өзүн-өзү баалоо боюнча отчет жана билим берүү программасынын/билим берүү уюмунун жыйынтыктарына, процесстерине жана ресурстарына тийиштүү документтер булак катары берилет.

Билим берүү уюму интервью жүргүзүү үчүн катышуучулардын тиешелүү саны кенен жайгашкан имарат берет.

Интервью учурунда берилген суроолор төмөндө көрсөтүлгөн.

**ОКУУЧУЛАР МЕНЕН ИНТЕРВЬЮ**

**Жалпы маалымат** – таанышуу: кайсы курста окуйсуз, бул билим берүү уюмунун студенти болгон кандай экен? Бул билим берүү уюмунда Сизге бардыгынан эмне жагат?

**1. Бул билим берүү уюмунун максаттары жана пландары жөнүндө эмне билесиз?**

Уюмдун келечектеги пландары жөнүндө бир нерсе билесизби? Сизге келечектеги пландар боюнча кеңеш/маалымат береби? Студенттик кеңеш кандай иштейт – араңардан кимдир бирөө анын мүчөсү болуп эсептелеби? Кеңеш менен эсептешишеби?

**2. Бул билим берүү уюмунда Сиз окуп баштаганда, Сиз үчүн таанышуу/кириш көрсөтмө өткөрүлдү беле?**

Эмнени камтыды эле? Сизге керектүү нерселерди камтыган деп эсептейсизби? Өзүнө процедураларды жана тартиптерди камтыган беле? Баалоо тартиптери боюнча Сиз жетишерлик маалымат алдыңыз беле? Программа жөнүндө Сиз жетишерлик маалымат алдыңыз беле? Кайсы документтерди алдыңыз?

**3. Сиз алган билим келечектеги жумушка жакшы даярдайт деп ойлосузбу?**

Сиздин оюңуз боюнча кайсы аспекттер чын эле актуалдуу? Сиздин оюңуз боюнча кайсы аспекттер чын эле актуалдуу эмес? Бул кесип боюнча билим алуу Сиздин окуудагы биринчи тандап алууңуз болду беле? Канча адам бул кесип боюнча иштеймин деп пландаштырып жатат? Сиздин оюңуз боюнча кээ бир окуучу программаны эмнеге бүтүрбөй кетүүдө?

**4. Билим берүү уюмунда окутууну кантип сүрөттөп берет элеңиз?**

Персоналдын пунктуалдуулугу, даярдыгы, билими, колдоо көрсөтүү тууралуу каалаган пикирлер. Кызматкерлер окуучулар менен кантип кызматташат- жардам берет/ жеткиликтүүбү?

**5. Талаптар канчалык катуу?**

Мисалы, кечигүү, дресс-код, баалоо. Талаптар адилеттүүбү? Талаптар тууралуу бардыгы билеби? Талаптар жөнүндө Сиз кайсы жактан билесиз? Алар жазылган беле? Талаптар жөнүндө билгиңиз келсе Сиз кайсы жакка кайрыласыз (кайсы материалдарга)?

**6. Имараттар, жабдуулар/материалдар Сиздин муктаждыктарыңызга канчалык туура келет?**

Окуучулар абдан көп/ жабдуулар менен бөлүшкөнгө туура келет/орун жетишпейт/ жабдуулар иштебейт/ ыңгайлуу/ окуу үчүн ыңгайлуу шарттар түзүлгөн. Окуучулар үчүн компьютерлер жетиштүүбү?

**7. Имаратка, жабдууларга, колдоо кызматтарына жеткиликтүүлүк жөнүндө эмне айтып бере аласыз?**

Сабактардан кийин интернетке кирүү мүмкүндүгүңүз барбы - изилдөө үчүн ж.б/ ксерокөчүрмө жана басып чыгарууга мүмкүнчүлүгүңүз барбы? Бул менен кыйынчылыктар болбойбу? Ар кандай кыйынчылыктар - кош бойлуулук, ээн баштык, кысым же кордоо башка кыйынчылыктар пайда болсо кайсы жакка кайрылуу керек экендигин билесизби? Кайсы көйгөйлөр жалпы көйгөй катары эсептелинет? Жеке репетиторлоруңуз барбы?

**8. Жетекчиликке көйгөйлөр жөнүндө кантип айтасыз?**

Алар кандай көйгөйлөр? Эмне болуп жатат? Көйгөй чечилген учурлардан мисалдар барбы?

**9. Сиздин оюңуз боюнча баалоо системасы канчалык негизделген жана адилеттүү?**

Баалоонун минималдык талаптары кандай экенин билесизби? Баалоо жөнүндө Сиз канча билдирүү аласыз? Орто эсеп менен айтсак, Сиздин эмгегиңизди баалоонун узактыгы канча убакытка созулат? Кыйынчылыктарды көргөн окуучулар үчүн колдоо көрсөтүлөбү? Алдоо (көчүрүү), плагиат болгон учурда эмне болоорун Сиз билесизби? Окуучулар алган баасын айкын деп эсептейби?

**10. Өндүрүштүк окутуу системасына ыраазысызбы?**

Жумуш берүүчү Сизге кандай мамиле жасайт? Билим берүү уюму Сизге колдоо көрсөтөбү? Эгерде студенттер өндүрүштүк окуудан кетсе эмне болот? Жумуш берүүчүдөн кайтарым байланышты кантип аласыз? Өзүңүздүн иш тажрыйбаңызды кантип белгилейсиз? Портфолио же иш тажрыйбанын күндөлүгүн жүргүзөсүзбү?

**11. Кампустун (билим берүү уюмунун) аймагында болгондо Сиз өзүңүздүн ден-соолугуңуз, коопсудугуңуз, Сиздин мүлкүңүздүн коопсуздугу жөнүндө коркунучтар барбы?**

Өрт болгон учурда эмне кылаарыңызды билесизби? Кырсыктар болгон учурда эмне кылыш керек билесизби? Бул жерде болгон учурда Сиз менен кокустан кырсык/окуя болду беле?

**12. Бул билим берүү уюмунда кайсы болбосун Сиз тартылган коомдук иш-чаралар жөнүндө айтып бериңиз?**

Шоу, көрсөтмөлөр, спонсордук иш-чаралар, фестивалдар, спорт иш-чаралары, акча каражаттарын тартуу боюнча иш-чаралар.

**Корутунду**

Жыйынтыктоого Сиз бир нерсе кошумчалайсызбы? Сиз өзгөртүүнү/жакшыртууну каалаган учурлар барбы?

## БҮТҮРҮҮЧҮЛӨР МЕНЕН ИНТЕРВЬЮ

**Жалпы маалымат** – таанышуу: кайсы курсту бүтүрдүңүз? Бул билим берүү уюмунун студенти болгон жакчу беле? Баарынан Сизге эмне жакты?

**1. Билим беруу уюмунун аталган тармактагы кадыр-баркы кандай? Бул билим берүү уюмунун бүтүрүүчүсү болгонуңузга сыймыктанасызбы?**

Бул билим берүү уюмун курбуңузга сунуштайт белеңиз?

**2. Алган билимиңиз жумушуңузга Сизди канчалык даярдады?**

Программа Сизге керектүү билимдерди камтыган беле? Теория жана практиканын балансы сакталды беле? Сиз окуган жабдуулар Сиз тармакта пайдаланган жабдуулардай беле? Билим берүү уюуму талап кылган жүрүм-турум жаатында талап кылынган жүрүм-турумга жана мамилеге ылайыкбы? Жакшы билим берүү жумуш менен канааттанууну жогорулатабы?

**3. Алган билимиңиз Сиздин жумушуңуз менен дал келеби?**

Алган кесибиңиз боюнча иштейсизби? Жумушту канчалык көп убакыт издедиңиз? Сиздин өндүрүштүк билимиңиз жумушка орношууга алып келдиби?

**4. Окутуунун кемчиликтери кандай?**

Сизге керектүү кайсы учурларды окуу программасы камтый алган жок? Жумушка орношуу үчүн кошумча квалификация алуу үчүн кандай кыска мөөнөттүү курстардан өткөнгө туура келди? (билим берүү уюмунда алгандан тышкары)?

**5. Окутуунун күчтүү тараптары кандай?**

Окуунун кайсы бөлүгү Сиздин Жумушка орношууңузга пайдалуу болду?

**6. Үзгүлтүксүз окутуу: андан ары окутууну улантуунун кандай ыкмаларын билесиз?**

Өзүңүздүн квалификацияңызды кантип жогорулата аласыз? Сиздин кесип боюнча карьераны өнүктүрүү үчүн кандай мүмкүнчүлүктөр бар?

**7. Билим берүү уюму менен байланыш/карым-катнаш сактайсызбы?**

Мисалы, иш-чараларга катышуу/ имараттарды колдонуу. Бүтүрүүчүлөр кандай ролдорду аткара алат?

**Корутунду**

Аягында кошумча бир нерсе кошо аласызбы? Сиз өзгөртүүнү/жакшыртууну каалаган учурлар барбы?

## ЖУМУШ БЕРҮҮЧҮЛӨР МЕНЕН ИНТЕРВЬЮ

**Жалпы малымат** – таанышуу: Кандай типтеги уюмду башкарасыз? Сиз жетектеген уюмдун персоналынын канча бөлүгү бул билим берүү уюмунун бүтүрүүчүлөрүн түзөт? Канча практикант (стажер) бар?

**1. Билим беруу уюмунун аталган тармактагы кадыр-баркы кандай?**

**2. Бул билим берүү уюмунун бүтүрүүчүлөрүнүн жана башка кызматкерлердин деңгээли бирдейби?**

Көндүмдөр. Мамиле.Уюмдун жабдуусун колдонуу.

**3. Өндүрүштүк окутуунун жана өндүрүштүк практиканын шарттарын баяндап бересизби - алар натыйжалуубу?**

а) Билим берүү уюму тарабынан Сиз канчалык деңгээлде көрсөтмө алгансыз/ даярсыз? Колдоо көрсөтүлөбү?

б) Билим берүү уюму менен жумуш/байланыш механизми кандай - блим берүү уюмунун персоналы активдүү катышабы?

в) Сиз жетектеген уюмда жумуш механизми кандай - окуучулардын насаатчылары барбы?

г) Стажерлордун насаатчылары окутуунун жыйынтыктары кандай болушу керек билишеби?

д) Билим берүү уюмуна стажер жөнүндө кайтарым байланышты ким берет, кандай форматта?

е) Стажерлор тарабынан окутуунун натыйжаларына жетишүүнү кантип камсыз кыласыз?

ж) Стажерлорго болгон айкын мамилени/окутуунун оң тажрыйбасын/ стажер тобокелдикке салынбаганын кантип камсыз кыласыз (эмгек гигиенасы жана техникалык коопсуздук)?

з) Стажерлор жакшы жасаган жумушту баалоо системасы кандай?

и) Практиканын акыркы жыйынтыктары боюнча Сиз кандай маалымат аласыз? Стажерлор менен көйгөйлөр болду беле/ стажировкадан четтетүүгө туура келген учурлар болду беле? Эмне болду эле? Андан ары кандай иш-аракеттер жасалды?

**4. Жумуш берүүчүлөр окуу программаларын/ окутууну иштеп чыгуу убагында кандай салым кошо алат / таасир тийгизе алат?**

Сиз кандайдыр бир тармактык комитеттин, көндүмдөрдү баалоо боюнча комитеттин же кызмат көрсөтүүчү комитеттин мүчөсүсүзбү?

**5. Билим берүү уюмунун иш-чараларына катышасызбы?** Мисалдар: чакырылган адистин лекциялары / тышкы баалоо.

**6. Бул билим берүү уюмунун адистиги боюнча Сизде канча вакантттык орун бар – бул билим берүү уюмунун бүтүрүчүүлөрүнүн жыйынтыктары Сизди канчалык канааттандырат?**

**7. Жумушка орношуунун критерийлери- өндүрүштүк окутуунун алкагында бул жумуш канчалык актуалдуу деп эсептелет?**

**8. Жалпысынан Сиз билим берүү уюму тууралуу эмнени баяндап бере аласыз? Кандай кайтарым байланышты Сиз бере аласыз?**

**Корутунду**

Аягында кошумча бир нерсе кошо аласызбы? Сиз өзгөртүүнү/жакшыртууну каалаган учурлар барбы?

## ПЕРСОНАЛ МЕНЕН ИНТЕРВЬЮ

**Жалпы малымат** – таанышуу: кайсы сабактан бересиз? Бул билим берүү уюмунун кызматкери болуш кандай экен? Баарынан Сизге эмне жакты?

**1. Сиздин оюңузча чечүүнү талап кылган жетекчилик менен кандай көйгөйлөр бар?** Жетекчиликтин жумушу көрүнүп жатат/ жандандырат/ жетекчилик колдоо көрсөтөт/ бийик талаптарды коет? Кесипкөйлүктүн үлгүлөрү.

**2. Жетекчилик тарабынан колдоо/ административдик колдоо/техникалык колдоо/ IT-колдоо ж.б.?** Кириш көрсөтмө берүүнүн/ насаатчылыктын процесси кандай? Өзүңүздүн көйгөйлөрүңүз тууралуу маалыматты кантип жеткиресиз? Кызматкерлер ыраазыбы? Сиздин командаңыз жакшыбы?

**3. Кызматкерлерди чечим кабыл алууга тартуунун процесси жана түзүмү кандай?** Сиз чечим кабыл алууга тартылган учурлардан мисал келтириңиз? "Эч кайдан" пайда болгон чечимдин мисалын келтириңиз. Сизди угат/оюңузду баалайт деп эсептейсизби, өзүңүздүн идеяларыңыз менен жетекчилик менен бөлүшөсүзбү?

**4. Бул билим берүү уюмунун максаттары, пландары жөнүндө Сиз канчалык кабардарсыз?** Бул билим берүү уюмунун багыттарын иштеп чыгуусуна канчалык тартылгансыз? Пландын ишке ашырууга канчалык тартылгансыз?

**5. Пресоналдын негизги көйгөйлөрү кайсы?**

**6. Акыркы үч жылдын ичинде квалификацияны жогорулатуу курстарынан өттүңүзбү?** Айкындуулуктун /адилеттүлүктүн жоктугу менен байланышкан көйгөйлөр болду беле?

**7. Сыйлоо/жеңилдиктер системасын кантип мүнөздөп берет элеңиз?** Алдыга жылдыруу, кошумча акы, бонустар, артыкчылыктар, таануу.

**8. Баалоо жүргүзүү учурунда өз убагында өткөрүлбөгөндүгү/ даяр болбогондугу, мөөнөттөрү боюнча келишпестиктер барбы?** Канчалык көп кездешет? Көйгөйлөр кантип чечилет? Тартиптик процесс кандай?

**9. Окутуунун керектөөлөрүнө ылайык келбеген ресурстардын/жабдуулардын/имараттардын мисалдарын келтире аласызбы?** Ресурстарды/жабдууларды/имараттарды колдонуу убагында эмгек гигиенасы жана техника коопсуздугу менен байланышкан көйгөйлөр барбы?

**10. Бул билим берүү уюму аркылуу кызматкерлер коомдук иш-чараларга катышкан мисалдарды келтириңиз?**

**11. Ишти баалоо системасы кандай?** Ал кандай иштейт? Ар бир кадамын баяндап бериңиз? Биринчи...экинчи...ж.б. Жумуш боюнча үзгүлтүксүз же аралык кайтарым байланыш барбы (жылдын аягында баалоодон тышкары)?

**Корутунду.** Аягында кошумча бир нерсе кошо аласызбы? Сиз өзгөртүүнү/жакшыртууну каалаган учурлар барбы?

**6-тиркеме**

**Башталгыч жана орто кесиптик билим берүүчү БУ/БП тышкы баалоонун жыйынтыгы боюнча КОРУТУНДУ**

________________________________________________________________________

билим берүү уюмунун аталышы

орду ______________________________________________________________ күнү

Уюмдун администрациясынын арызына ылайык____________________________________________, Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 29-сентябрындагы № 670 “Кыргыз Республикасынын билим берүү системасында көз карандысыз аккредитация боюнча актыларды бекитүү жөнүндө” токтомуна (КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 4-октябрындагы № 525, 2017-жылдын 11-декабрындагы № 799 токтомдорунун редакцияларына ылайык) жана Кыргыз Республикасынын аккредитацияланууучу башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдарына коюлуучу минималдуу талаптарга ылайык, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин _______ ж. ___________ №_________ буйругунун негизинде эксперттик комиссия _______________ж. _________________ аккредитация боюнча башталгыч/орто кесиптик билим берүүнүн төмөнкү негизги билим берүү программалары боюнча баалоо жүргүздү:

1. ____________________________________________________________________;
   билим берүү программаларынын шифри жана аталышы, окутуу мөөнөтү, лицензиянын №
2. ____________________________________________________________________
   билим берүү программаларынын шифри жана аталышы, окутуу мөөнөтү, лицензиянын №

Мурунку аккредитациянын (аттестациянын) сертификаты жөнүндө маалымат
БУ жөнүндө кыскача маалымат (0,5 бетте).

| № | Коюлуучу критерийлер | Эксперттин талдоосу | 7-тиркемеге ылайык эксперттин корутундусу жана сунушу |
|---|---|---|---|
| **1. Билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясаты** | | | |
| 1.1 | Билим берүү уюмунун так аныкталган жана кабыл алынган миссиясы, анын негизинде иштелип чыккан жана бекитилген, кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келген стратегиялык жана учурдагы пландарынын болуусу. Билим берүү уюмунун миссиясынын негизинде иштелип чыккан жана кабыл алынган билим берүү максаттарынын жана окутуунун күтүлгүүчү натыйжаларынын болуусу | Кызыкдар тараптардын талаптарын жана мутаждыктарын аныктоо механизмин (жолдорун) белгилөө. Билим берүү уюмунун миссиясын, стратегиялык жана учурдагы пландарын, окуутунун максаттарын жана күтүлгүүчү натыйжаларды иштеп чыгуунун, баалоонун, кайра кароонун, макулдашуунун жана кабыл алуунун механизмдерин (жолдорун) аныктоо. Билим берүү уюмунун миссиясын, стратегиялык жана учурдагы пландарын, окуутунун максаттарын жана күтүлгүүчү натыйжаларын ишке ашыруу үчүн тиешелүү ресурстардын камсыздалышынын механизмдерин (жолдорун) аныктоо.<br>Төмөндөгүлөрдү анализдөө жана баалоо керек:<br>- ченемдик документтерди (мисалы Устав) жана бекитилген миссиянын бар экендигин көрсөтүүчү башка маалымат ресурстарын;<br>- миссиясынын, бекитилген стратегиялык жана учурдагы пландардын кызыкдар тараптардын талаптары жана күтүүлөрү (муктаждыктары) менен макулдашылгандыгын;<br>- билим берүү уюмунун жана түзүмдүк | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | бөлүмдөрдүн сапатты камсыздоо боюнча ченемдик документтерин (Сапат менеджментти системасы жөнүндө жобо, сапат стандарттары жана колдонмолор, ж.б.);<br>- кызыкдар тараптардын катышуусу менен миссияны жакшыртуу, баалоо, талдоого шарт түзүүчү ченемдик актылар;<br>- кызыкдар тараптардын талаптары жана күтүүлөрү (муктаждыктары) менен байланышкан билим берүү уюмунун миссиясын, стратегиялык жана учурдагы пландарын, окутуунун максаттарын жана күтүлүүчү натыйжаларынын талкуусун камтыган педагогикалык кеңештин, тегерек столдордун ж.б. протоколдору. | |
| 1.2 | Жыл сайын стратегиялык жана учурдагы пландардын, билим берүү максаттарынын, окутуунун натыйжаларынын аткарылышын иликтөө, аткаруунун натыйжаларын талдоо жана тиешелүү түзөтүүлөрдү киргизүү | Стратегиялык жана учурдагы пландардын, окутуунун максаттарынын жана күтүлүүчү натыйжаларынын аткарылышы боюнча мониторинг жүргүзүүчү процедураларды жана инструменттерди аныктоо.<br>Төмөндөгүлөрдү анализдөө жана баалоо керек:<br>- Стратегиялык жана учурдагы пландардын, окутуунун максаттарынын жана күтүлүүчү натыйжаларынын аткарылышы боюнча мониторинг жүргүзүү процедуралары жана инструменттери;<br>- Мониторинг жүргүзүүнүн отчету, корутундулар жана жакшыртуу боюнча сунуштар. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1.3 | Билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатын ишке ашырууга, контролдоого жана кайра кароого билим берүү уюмунун жетекчилиги, кызматкерлери, окуучулары (студенттери) жана кызыкдар тараптардын катышуусу | Билим берүү уюмунун жетекчилигинин, кызматкерлеринин, окуучулардын (студенттердин) жана кызыкдар тараптардын сапатты камсыздоо системасын ишке ашырууга, көзөмөлдөөгө жана кайра карап чыгууга катышуусу. Кызыкдар тараптар менен сапатты камсыздоо маселелери боюнча кайтарым байланышты аныктоо механизмдери.<br>Төмөндөгүлөрдү анализдөө жана баалоо керек:<br>- жетекчилигинин, кызматкерлеринин, окуучулардын (студенттердин) жана кызыкдар тараптардын сапатты камсыздоо системасын ишке ашырууга, көзөмөлдөөгө жана кайра карап чыгууга катышуусун камсыз кылуучу ченемдик документтер (стратегия, саясат жана үзгүлтүксүз сапатты камсыздоо процедуралары);<br>- сапатты камсыздоо маселелери боюнча чечимдерди кабыл алуу механизми;<br>- маалыматты топтоо ыкмалары (сурамжылоо, анкеталоо, отчеттор, протоколдор, жетишкен натыйжалар, кабыл алынган чечимдер);<br>- жакшыртуу боюнча пландар;<br>- кызыкдар тараптардын стратегия, саясат жана сапатты камсыздоо процедуралары жөнүндө маалыматтар менен таанышуу мүмкүнчүлүгү, сапатты камсыздоодо алардын ролу. | |
| 1.4 | Билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатын билим берүүнүн сапат менеджментинин | Билим берүүнүн сапатын камсыздоону ишке киргизүү механизмдерин (ыкмаларын) билим берүүнүн сапат менеджментинин | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | документтештирилген системасынын жардамы менен киргизүү | документтештирилген системасынын жардамы менен аныктоо, ишке ашыруу үчүн тиешелүү ресурстарды аныктоо.<br>Төмөндөгүлөрдү анализдөө жана баалоо керек:<br>- билим берүүнүн сапат менеджментинин системасынын ченемдик документтери;<br>- билим берүүнүн сапатын камсыздоо системасын ишке киргизүү боюнча стратегиялык жана операциялык пландары;<br>- кызматкерлердин функционалдык милдеттери;<br>- билим берүүнүн сапат менеджментинин документтештирилген системасы аркылуу билим берүүнүн сапатын камсыздоо системасын ишке киргизүү үчүн ресурстардын шайкештиги;<br>- отчеттор (сурамжылоонун жыйынтыгы боюнча, стратегиялык жана учурдагы пландарды ишке ашыруу боюнча), протоколдор, ой пикирлер ж.б.);<br>- жетишкен натыйжалар, кабыл алынган чечимдер, жакшыртуу боюнча пландар. | |
| 1.5 | Билим берүү уюмунда билим берүүнүн сапат менеджментинин документтештирилген системасынын жардамы менен билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатын киргизүүгө жооп берүүчү жооптуу адамдардын (кызматтардын) болуусу | Билим берүүнүн сапат менеджментинин документтештирилген системасынын жардамы менен сапатты камсыздоону киргизүүгө жооптуу механизмдерди (ыкмаларды) аныктоо.<br>Төмөндөгүлөрдү анализдөө жана баалоо керек:<br>- ченемдик документтер, билим берүүнүн сапат менеджментинин системасынын программалык камсыздоосу.<br>- билим берүүнүн сапатын камсыздоо системасын киргизүү боюнча стратегиялык жана | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | операциялык планын;<br>- кызматкерлердин функционалдык милдеттерин;<br>- ресурстардын шайкештиги (жооптуу кызматкерлердин/кызматтардын, МТБ, каржылоо ж.б.);<br>- отчеттер жана протоколдор, кабыл алынган чечимдер;<br>- жетишкен натыйжалар жөнүндө маалымат. | |
| 1.6 | Билим берүү уюмунун сайтында жарыяланган жана бардык кызыкдар тараптарга жеткиликтүү билим берүү уюмунун миссиясынын, стратегиялык жана учурдагы пландарынын, билим берүү максаттарынын, окутуунун натыйжаларынын, билим берүүнүн сапат менеджментинин системасынын болуусу | Төмөндөгүлөрдү анализдөө жана баалоо керек:<br>- маалыматты башкаруу боюнча ченемдик документтер;<br>- кызыкдар тараптардын миссиясы, стратегиялык жана учурдагы пландары, окутуунун максаттары, окутуунун жыйынтыгы жана сапат менеджментинин системасы жөнүндө маалыматтар менен таанышуусу үчүн колдонулуучу каражаттар менен ресурстардын шайкештиги. | |
| 1.7 | Өзүнүн академиялык дараметин жогорулатуу жана академиялык эркиндикти камсыздоо үчүн чараларды көрүү (орто кесиптик уюмга) | Төмөндөгүлөрдү анализдөө жана баалоо керек:<br>- академиялык эркиндикти камсыздоо жана академиялык дараметти жогорулатуу боюнча иш-чаралардын планы жана жетишилген жыйынтыктар;<br>- академиялык эркиндикти камсыздоо боюнча колдонмо (кодекс);<br>- окуу пландары (вариативдүү бөлүгү), тандоо курстары, окутуучуларды тандоо;<br>- кызыкдар тараптар (студенттер, окутуучулар, | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | жумуш берүүчүлөр, ата-энелер ж.б.) үчүн маалыматтык-сурап билүү материалдары;<br>- кызыкдар тараптардын көз караштары, сунуштары, пикирлери, сурамжылоонун жыйынтыктары, массалык маалымат каражаттарындагы жарыялар. | |
| **Корутундулар:** ушул минималдык талаптар боюнча күчтүү жана алсыз жактарды көрсөтүңүздөр<br>**Сунуштар**: кемчиликтерди жоюу жана тиешелүү аспекттерди жакшыртуу боюнча сунуштарды көрсөтүңүздөр | | | |
| **2. Билим берүү программаларын иштеп чыгуу, бекитүү, мониторинг жүргүзүү жана мезгил-мезгили менен баалоо** | | | |
| 2.1 | Билим берүү уюмунун миссиясы менен дал келген жана мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык так аныкталган билим берүү программасынын билим берүү максаттарынын болуусу | Иштеп чыгуу, кайра кароо жана билим берүү программасынын максаттарын баалоо механизмин (ыкмаларын) аныктоо.<br>Төмөндөгүлөрдү анализдөө жана баалоо керек:<br>- билим берүү программасынын максаттарынын билдирилген миссияга ылайык келүүсүн;<br>- билим берүү программасын иштеп чыгуу, кайрадан кароо жана баалоодогу кызыкдар тараптардын ролун жана жоопкерчилигин;<br>- билим берүү программасынын максаттарын иштеп чыгуу, кайрадан кароо жана баалоого кызыкдар тараптардын катышуусун камсыз кылуу боюнча алар менен кайтарым байланыш механизминин натыйжалуулугун;<br>- билим берүү максаттарын мониторингдөө жана баалоонун жыйынтыгын (отчеттор, пикирлер, публикациялар, тегерек столдордун протоколдору | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | ж.б.);<br>- билим берүү программасын иштеп чыгуу, кайрадан кароо жана баалоо жөнүндө педагогикалык кеңештердин, окуу-усулдук кеңештердин ж.б. отурумдарынын протоколдору;<br>- маалыматтык ресурстар. | |
| 2.2 | Кесиптик, өндүрүштүк уюмдардын жана кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндөгү уюмдардын өкүлдөрүнүн катышуусунда иштелип чыккан, эмгек базарын чагылдыруучу жана билим берүү программасынын максаттарына ылайык келген, универсал жана кесиптик терминдер менен баяндалган окутуунун күтүлүүчү натыйжаларынын болуусу | Окутуунун күтүлүүчү натыйжаларын иштеп чыгуу, кайрадан кароо жана баалоо механизмин (ыкмасын) аныктоо.<br>Төмөндөгүлөрдү анализдөө жана баалоо керек:<br>- окутуудан күтүлүүчү натыйжалардын бекитилген билим берүү максаттарына ылайык келүүсүн;<br>- универсалдуу жана кесиптик терминдерде чагылдырылган окутуудан күтүлүүчү натыйжаларды калыптандыруунун сапатын;<br>- кызыкдар тараптардын керектөөлөрүн жана талаптарын эсепке алуу, окутуудан күтүлүүчү натыйжаларды иштеп чыгуу, кайрадан кароо жана баалоодогу кызыкдар тараптардын ролун жана жоопкерчилигин;<br>- билим берүү программасынын максаттарын иштеп чыгуу, кайрадан кароо жана баалоого кызыкдар тараптардын катышуусун камсыз кылуу боюнча алар менен кайтарым байланыш механизминин натыйжалуулугун;<br>- ченемдик документтер, билим берүү программалары, бүтүрүүчүнүн модели (компетенттүүлүктөрдүн матрицасы), иш | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | программалары (силлабустар), ОУК, педагогикалык кеңештердин, окуу-усулдук кеңештердин, тегерек столдордун, жолугушуулардын протоколдору, отчеттор (сурамжылоонун, изилдөөлөрдүн, стратегиялык жана операциялык пландарды мониторингдөөнүн жыйынтыгы), чечимдер, жакшыртуу боюнча пландар ж.б. | |
| 2.3 | Билим берүү программасы боюнча так аныкталган жана мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык окуу жүктөмүнүн болуусу | Окуу жүктөмүн аныктоо механизмин (ыкмасын) көрсөтүңүз.<br>Төмөндөгүлөрдү анализдөө жана баалоо керек:<br>- окуу планынын МБС талаптарына, кызыкдар тараптардын талаптарына жана керектөөлөрүнө ылайык келүүсүн;<br>- МБС жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүн жана талаптарын эске алуу менен окуу жүктөмүн аныктоону жөнгө салуучу ички ченемдик документтер;<br>- окуу жүктөмүнүн ПОКтун квалификациясына, окуучуларды окутуунун жеке өзгөчөлүктөрүнө ылайык (макулдашылгандык) келүүсүн;<br>- окуу жүктөмүн аныктоо (жакшыртуу) боюнча окуу-усулдук кеңештин, педагогикалык кеңештердин, тегерек столдордун, жолугушуулардын ж.б. протколдорун | |
| 2.4. | Билим берүү программасын өркүндөтүү максатында окуучулар (студенттер) менен жумуш | Билим берүү программасын өркүндөтүү максатында окуучулар (студенттер) менен жумуш берүүчүлөрдүн күтүүлөрүн, керектөөлөрүн жана | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | берүүчүлөрдүн күтүүлөрүн, керектөөлөрүн жана канааттануусун мезгил-мезгили менен (бир жылда бир) баалоо | канааттануусун аныктоочу механизмди (ыкмаларды) аныктоо.<br>Төмөндөгүлөрдү анализдөө жана баалоо керек:<br>- Билим берүү программасын өркүндөтүү максатында окуучулар (студенттер) менен жумуш берүүчүлөрдүн күтүүлөрүн, керектөөлөрүн жана канааттануусун мезгил-мезгили менен (бир жылда бир жолу) баалоо процессин жөнгө салуучу ички ченемдик документтерди;<br>- билим берүү процессинин катышуучуларынын ролун жана жоопкерчилигин;<br>- баалоонун жыйынтыгын (отчеттор, протоколдор, кабыл алынган чечимдер);<br>- окуу жүктөмүн аныктоо (жакшыртуу) боюнча окуу-усулдук кеңештердин, педагогикалык кеңештердин, тегерек столдордун, жолугушуулардын ж.б. протоколдорун | |
| 2.5 | Билим берүү программасы менен каралган практикалардын (тааныштыруучу, окутуучу, өндүрүштүк, педагогикалык, дипломдун алдындагы) бардык түрлөрүнөн өтүү үчүн окуу программасында орундарды берүү | Билим берүү программасы менен каралган практикалардын (тааныштыруучу, окутуучу, өндүрүштүк, педагогикалык, дипломдун алдындагы) бардык түрлөрүнөн өтүү үчүн окуу программасында орундарды берүүнү камсыздоо мехнизмин аныктоо.<br>Төмөндөгүлөрдү анализдөө жана баалоо керек:<br>- практиканын бардык түрлөрүн уюштуруу жана өткөрүү процессин жөнгө салуучу ички ченемдик документтерди;<br>- кызматташууну (өнөктөштүктү) өнүктүрүү боюнча ченемдик документтерди; | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | - өнөктөштүктү өнүктүрүү боюнча стратегиянын жана операциялык пландардын белгиленген миссияга, бекитилген билим берүү максаттарына жана окутуудан күтүлүүчү натыйжаларга ылайык келүүсүн;<br>- өнөктөштөрдүн маалыматтар базасын;<br>- техникалык тапшырмалар, билим берүү максаттарына жана окутуудан күтүлүүчү натыйжаларга ылайык келүүсүнө карата практиканын жыйынтыгы боюнча окутуунун натыйжаларын баалоо критерийлерин;<br>- баалоо процессинин катышуучуларынын ролу жана жоопкерчилигин;<br>- окутуучулардын жана окуучулардын окуу жүктөмүн, практикалардын графигин;<br>- окуу жүктөмүн аныктоо (жакшыртуу) боюнча ОУК, педагогикалык кеңештер, тегерек столдор, жолугушуулар ж.б. протоколдорун;<br>- баалоонун жыйынтыгы (протоколдор, кабыл алынган чечимдер, практиканын жыйынтыгы боюнча отчеттор, сурамжылоо, анкеттөө, пикирлер, ММКга жарыялоо ж.б.) | |
| 2.6 | Актуалдуулугун камсыздоо үчүн илимдин соңку жетишкендиктерин жана технологияларын эске алуу менен конкреттүү дисциплинанын мазмунуна жыл сайын билим берүү уюму тарабынан мониторинг жүргүзүү жана баалоо | Актуалдуулугун камсыздоо үчүн илимдин соңку жетишкендиктерин жана технологияларын эске алуу менен конкреттүү дисциплинанын мазмунуна жыл сайын билим берүү уюму тарабынан мониторинг жүргүзүү жана баалоону жөнгө салуучу ички ченемдик документтерди аныктоо. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Төмөндөгүлөрдү анализдөө жана баалоо керек:<br>- билим берүү уюмунун мониторинг жүргүзүү жана миссиянын, стратегиянын жана операциялык пландардын мазмунун баалоо боюнча ишмердигинин ылайык келүүсүн;<br>- билим берүү максаттарынын мазмунун жана окутуудан күтүлүүчү натыйжалардын ылайык келүүсүн аныктоо үчүн мониторинг жүргүзүү жана баалоо критерийлерин;<br>- мониторинг жүргүзүү жана баалоодо кызматкерлердин жана башка кызыкдар тараптардын ролун жана жоопкерчилигин;<br>- мониторинг жүргүзүү жана баалоо боюнча (уюштуруу, инструменттердин мазмуну, катышуу) окуу-усулдук кеңештердин, педагогикалык кеңештердин, тегерек столдордун, жолугушуулардын протоколдорун;<br>- баалоонун жыйынтыктары (протоколдор, кабыл алынган чечимдер, мониторинг жүргүзүү жана баалоонун жыйынтыгы боюнча отчеттор (сурамжылоолор, анкеттөө, пикирлер), ММКда жарыялоо ж.б. | |
| 2.7 | Мониторинг жүргүзүү:<br>- окутуучулардын (студенттердин) окуу жүктөмүнө, жетишүүсүнө жана аяктоосуна;<br>- баалоо жол-жоболорунун майнаптуулугуна;<br>- окутуучулардын | Төмөндөгүлөрдү анализдөө жана баалоо керек:<br>- максаттардын, милдеттердин, инструменттердин, миссияны мониторингдөө ресурстарынын билим берүү максаттарына жана окутуунун күтүлүүчү натыйжаларга ылайык келүүсүн;<br>- билим берүү максаттарына жана окутуудан | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | (студенттердин) жана жумуш берүүчүлөрдүн билим берүү программасы боюнча окутуудан күтүүлөрүнө, керектөөлөрүнө жана канааттануусуна;<br>- билим берүү чөйрөсү менен колдоо кызматтарына жана алардын билим берүү программасынын максаттарына шайкештигине;<br>- берилүүчү билимдин майнаптуулугун жогорулатуу жана шайкештигин аныктоо максатында бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусун | күтүлүүчү натыйжаларга мониторингдин жана баалоонун мазумунун ылайык келишин;<br>- мониторинг жана баалоо боюнча окуу-усулдук кеңештердин, педагогикалык кеңештердин, тегерек столдордун, жолугушуулардын ж.б. (уюштуруу, инструменттердин мазмунун, катышуу);<br>- баалоонун жыйынтыктары (мониторинг жана баалоонун жыйынтыгы боюнча протоколдор, кабыл алынган чечимдер (сурамжылоолор, анкеттөө, пикирлер), ММКда жарыялоо ж.б. | |
| 2.8 | Мониторинг жүргүзүүнү жана мезгил-мезгили менен баалоону өткөрүү үчүн процесстерди жана жооптуу адамдарды (кызматтарды) аныктоо | Мониторинг жүргүзүү жана мезгил-мезгили менен баалоо жана адамдардын/кызматтардын жоопкерчилиги боюнча жооптуу адамдардын/кызматтардын ишмердигин жөнгө салуучу ички ченемдик жана усулдук документтерди аныктоо.<br>Төмөндөгүлөрдү анализдөө жана баалоо керек:<br>- жооптуу адамдардын/кызматтардын квалификациясына карата талаптарды;<br>- жооптуу адамдардын/кызматтардын ишмердигинин сапатын баалоо индикаторлорун;<br>- жооптуу адамдардын/кызматтардын ишмердигинин сапаты жөнүндө кайтарым байланыштын натыйжасын;<br>- мониторинг жүргүзүү жана баалоо боюнча | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | окуу-усулдук кеңештердин, педагогикалык кеңештердин, тегерек столдордун, жолугушуулардын ж.б. протоколдору (уюштуруу, инструменттердин мазмуну, катышуу);<br>- мониторинг жүргүзүүнүн жана баалоонун жыйынтыктары (протоколдор, кабыл алынган чечимдер, мониторинг жана баалоонун жыйынтыгы боюнча отчеттор (сурамжылоолор, анкеттөө, пикирлер), ММКда жарыялоо ж.б. | |
